Советская система приучила граждан рассматривать государство как главного ответчика за уровень социального обеспечения, многие услуги и льготы они воспринимали как нечто само собой разумеющееся, как приобретенные права.

В современных условиях с сожалением приходится констатировать, что в условиях независимости, когда стали развиваться рыночные отношения, сопровождаемые коренным преобразованием форм собственности и системы распределительных отношений, корректировкой ролей государства, работодателей и трудящихся в организации социального обеспечения, а также глубоким экономическим кризисом, снижением уровня жизни подавляющей массы людей и безработицей, существующая система социального обеспечения стала менее эффективной, финансово менее обеспеченной, что крайне усложнило практическое выполнение ею присущих ей функций.

С обретением независимости в Кыргызстане была начата работа по реформированию системы социального обеспечения, адаптации ее к рыночной экономике, с учетом международного опыта и мировых стандартов, призванная компенсировать издержки переходного периода. В соответствии с мировой практикой, была проведена работа по разделению систем социального обеспечения на две организационно самостоятельные и с разными источниками финансирования системы: социальную помощь и социальное страхование.

Впервые развитие социальной защиты в независимом Кыргызстане получило правовое закрепление в Постановлении правительства от 1 декабря 1993 года № 588 «О неотложных мерах по усилению адресной социальной защиты населения», согласно которому, начиная с 1 января 1994 года, выплата социальных пенсий, а также пособий малообеспеченным семьям, имеющим детей, стала осуществляться за счет средств местных бюджетов. Одновременно, в районах и города, стали создаваться отделы социальной помощи на базе существующих отделений социальной помощи на дому. Кроме этого, главам местных государственных администраций было предписано оказывать малообеспеченным семьям различные виды дополнительной целевой помощи ( в приобретении топлива, продуктов питания, представлении права бесплатного проезда на общественном транспорте, бесплатное питание и др.) за счет местных бюджетов и внебюджетных средств, через отделы социальной помощи.

Традиционная деятельность, направленная на защиту наиболее уязвимых слоев населения, закрепляется за государством. Это характерно и для Кыргызстана, который неоднократно подтверждал свой курс на построение социально ориентированной рыночной экономики , подчеркивая тем самым роль государства в сфере социальной защиты. Несомненно, успешность этой деятельности напрямую зависит от уровня экономического развития государства. Так, в 2007 году ВВП Кыргызстана вырос, по сравнению с 2006 годом, на 8,2%, что позволило увеличить на 2% объем бюджета Агентства социального обеспечения , что составило 1,8 млрд.сом, из которых 87% были направлены на выплату государственных пособий детям, инвалидам, льготным категориям социально уязвимых категорий граждан. Кроме этого с 1 октября 2007 года были на 55% увеличены размеры социальных пособий, в два раза были увеличены денежные нормы питания в домах-интернатах для престарелых и инвалидов, вдвое были увеличены размеры компенсации за медикаменты различным категориям льготников и др.[1].

Однако, для действенного функционирования этой системы, усилий нашего государства явно недостаточно. Республике оказывается международная помощь в реформировании, совершенствовании системы социального обеспечения по линии Всемирного банка, Германского общества технического сотрудничества, Европейского сообщества, в рамках программы ТАСИС. Этими организациями оказывается содействие в разработке нормативных документов, обучении специалистов, создании системы персонифицированного учета застрахованных и необходимой информационной базы.

---

**Усупова Н. С.** – и.о. проф. Кафедры всеобщей истории КГУ им. И. Арабаева

В середине 90-х годов, исходя из сложившейся социальной ситуации в государстве и в целях совершенствования системы социальной защиты и социального обеспечения, была выработана Концепция осуществления реформы социального страхования, которая строит общие принципы его основной системы, обосновывает методологические подходы к установлению размеров пособий, определяет источники финансирования страхуемых и юридических лиц, занимающихся страхованием. В ходе реформы в республике была подготовлена определенная нормативно-правовая база социального страхования. Были приняты законы «О пенсионном обеспечении граждан», «О занятости населения», «О медицинском страховании» и ряд нормативных документов к ним.

В качестве первого шага в реформировании системы социального страхования в республике было введено новое Положение «О порядке обеспечения пособиями по социальному страхованию», которым усиливалась ответственность работодателя при оплате пособий по временной нетрудоспособности, беременности и родам.

Агентством социального обеспечения Кыргызской Республики был утвержден перечень категорий населения, которые нуждаются в социальной защите и социальном обслуживании. К ним относятся: граждане (взрослые и дети), являющиеся инвалидами; участники Великой Отечественной войны и приравненные к ним лица, труженики тыла периода этой войны; одинокие, пожилые люди и семьи, состоящие из одних пенсионеров (по инвалидности или по возрасту); вдовы и матери военнослужащих, погибших в годы Великой отечественной войны и в мирное время; лица, подвергшиеся политическим репрессиям и впоследствии реабилитированные; многодетные семьи, семьи с низким уровнем доходов; беременные женщины и кормящие матери; осиротевшие или оставшиеся без попечительства дети; граждане (взрослые и дети), имеющие психологические затруднения, отклонения.

В соответствии с этим, в Кыргызстане получила развитие такая форма социального обеспечения нуждающихся граждан, как оказание социальных услуг в стационарах. Есть также и учреждения для временного содержания таких лиц. Так, в Бишкеке для престарелых людей, оставшихся без определенного места жительства, функционирует приют временного содержания «Коломто», где ежемесячно пребывают более 100 человек. В настоящее время в республике функционируют 14 домов-интернатов, в числе которых: 6 домов для престарелых и инвалидов, 1 дом инвалидов реабилитационного характера, 1 мужской, 2 женских и 2 детских психоневрологических диспансера и 2 диспансера смешанного типа. Общее количество мест в этих стационарных учреждениях составляет 2459[2].

Важной формой социальной защиты социально уязвимых граждан является предоставление им различного рода льгот. В целом, согласно действующему законодательству в Кыргызстане предоставляются 38 видов льгот 38 различным категориям льготников. По данным 2007 года, теми или иными льготами пользовались 296,9 тыс.семей.

Основными получателями льгот являются инвалиды и участники Великой Отечественной войны, которым предоставляются различные виды социальных услуг в среднем на сумму 4,1 тыс. сомов в месяц на человека; персональные пенсионеры, получающие льготы на сумму 1 тыс.сомов в месяц, а также труженики тыла с месячной суммой льгот на 872 сома[3]. На основе Указа Президента Кыргызской Республики от 6 сентября 1994



года №У11-231 «О едином ежемесячном пособии малообеспеченным семьям и гражданам», с 1995 года началась выплата государственных пособий по малообеспеченности, которая производится с учетом их нуждаемости. Позднее, 23 декабря 1994 года, был издан Указ «О мерах по совершенствованию системы социальной помощи малообеспеченным семьям и гражданам» за № УН-346, утвердивший Положение о едином ежемесячном пособии малообеспеченным семьям и гражданам. В качестве критерия обеспеченности взята минимальная заработная плата. Размер определялся дифференцированно, в зависимости от совокупного дохода, – от 30 до 60% минимальной заработной платы по таперной шкале; выплата пособия финансировалась централизованно из республиканского бюджета.

Данное пособие назначается и выплачивается семьям, имеющим детей в возрасте до 16 лет (учащихся образовательных школ – до 18 лет); пенсионерам, инвалидам, безработным, студентам, если среднедушевой совокупный доход не превышает установленного размера минимальной заработной платы[4].

Определенную роль в совершенствовании законодательства о льготах сыграло Постановление Правительства Кыргызской Республики от 15 мая 1998 года №281 «О совершенствовании системы социальной защиты малообеспеченных семей и граждан». В нем было отмечено, что необходимость упорядочения льгот, с поэтапным переводом их системы в адресную государственную поддержку посредством выплат пособий и субсидий в зависимости от степени фактической нуждаемости граждан, продиктована соотношением реальной потребности в социальных льготах и невозможности их полного удовлетворения в силу дефицита бюджетных средств. В целом по республике на 1.06.08 г. насчитывалось 455,2 тыс.человек – получателей государственных пособий, в их числе получатели ЕЕП составляли 395, 6 тыс.человек, получатели ЕСП – 59.6 тысяч. Численность городских получателей ЕЕП составляла 31,6 тыс.человек (8% от числа всего населения городов), при этом средний размер пособия составлял 139 сом., а средний размер ЕСП – 669,8. В селе получателями пособия являлись 364 тыс.человек (92% от всего сельского населения), средний размер ЕЕП составлял 129,9 сом; ЕСП получали в это период времени 44,3 тыс. человек (74% от всего сельского населения), средний размер которого составлял 727,5 сом. При этом следует отметить, что в 2008 году МПБ составлял 3700 сом. а минимальная потребительская корзина была оценена в 2400. Думается, эти цифры говорят сами за себя[5].

Еще одной формой поддержки социально-уязвимых слоев населения стало предоставление им жилищных субсидий. Их получают семьи, у которых оплата социальной нормы коммунальных услуг (имеющих жилую площадь до 35 кв.м.) превышает 16% семейного дохода. Субсидированию подлежат такие виды коммунальных услуг, как центральное отопление, природный газ, холодное и горячее водоснабжение, лифт, услуги по вывозу мусора. 86% получателей жилищных субсидий составляют пенсионеры, а также малообеспеченные семьи и безработные граждане. Начиная с 2007 года, жилищные субсидии стали получать и малообеспеченные семьи, проживающие в частных домах, отапливаемых газом. Только в 2007 году жилищные субсидии получили 3700 семей на сумму 7,2 млн.сомов.

В 2000-е годы была проведена поэтапная монетизация льготных услуг. Первый ее этап начался в 2003 году, когда на прямые денежные

выплаты были переведены льготы на медикаменты и уголь. На втором этапе, с июля 2006 года были введены денежные выплаты на оплату жилищно-коммунальных услуги и энергоносителей.

В 2009 году, в целях усиления адресности в предоставлении государственных пособий, были разработаны дополнительные критерии определения степени нуждаемости граждан при назначении единого ежемесячного пособия (ЕЕП), которая прошла апробацию с февраля 2009 года в пилотных районах республики (Кеминском, Иссыкатинском, Ляйлякском, Нарынском, Сузакском, Чоналайском и в г. Ош). Апробация дополнительных критериев проводилась на 1300 выборочно отобранных семьях. По завершению апробации дополнительных критериев, с учетом ее результатов, была разработана новая редакция Закона КР «О государственных пособиях в Кыргызской Республике». Закон был принят Жогорку Кенешем 4 декабря 2009 года и подписан Президентом КР 29 декабря 2009 года за № 318.

Однако, с сожалением приходится констатировать, что минимальная заработная плата, взятая в качестве критерия для определения размера ежемесячного пособия, вряд ли может отвечать потребностям нуждающихся в нем граждан. Так, с 2001 по 2006 годы ее размер составлял всего лишь 100 сомов, с 2007 года он поднялся только до 340 сомов[6].

Среднегодовой размер единого ежемесячного пособия составил в 2001 году лишь 62,3 сома, в 2008 он поднялся до 123, 1. Средний размер других социальных пособий постепенно рос с 258, 1 сома до 716,2 в 2008 году[7]. По состоянию на 01.01.2010 года средний размер социальных пособий (СП) составил 825,2 сома.

Мизерность этих пособий становится очевидной, если учесть, что в эти годы минимальный потребительский бюджет составлял 1646,2 сома в 2002 году, 3891,53 – в 2008.

Средний размер единого ежемесячного пособия (ЕЕП) составил 171,3 сом и превысил на 27% его размер, установившийся в прошлом году (135,4 сом в 2008 г.). На увеличение среднего размера повлиял рост ГМУП, увеличенный с 1 октября 2009 года с 200 до 240 сомов[8]. Приведенные цифры являются наглядными свидетельствами недостаточности этих пособий для удовлетворения хотя бы минимальных нужд их получателей. В целях усиления поддержки нуждающихся семей было принято Постановление Правительства КР от 1 октября 2009 года № 614 «Об увеличении размера гарантированного минимального уровня потребления», согласно которому с 1 октября 2009 года размер гарантированного минимального уровня потребления (ГМУП) повышен до 240 сом, что позволило увеличить средний размер пособия.

Указом Президента КР «Об установлении размеров государственных пособий» от 13 ноября 2009 года № 508 с января 2010 были повышены на 50 % и установлены в твердых размерах ежемесячные социальные пособия (с учетом повышения тарифов на энергоносители), а также на 25% (в среднем по республике) были повышены размеры единого ежемесячного пособия.

Однако рост цен на товары первой необходимости, повышение тарифов за электричество, коммунальные услуги свели на нет практическое осуществление вышеуказанного постановления и указа.

Таким образом, как показывает материал статьи, в Кыргызстане осуществляются определенные меры по поддержке социально уязвимых слоев населения. Однако, все же нужно признать, что эта поддержка, к сожалению, не способствует существенному улучшению их материального положения. Настало время для поиска других альтернативных источников, которые могли бы способствовать улучшению ситуации в этой области. Ведь, как известно, обеспечение насущных жизненных потребностей нетрудоспособной части населения – это святая обязанность каждого цивилизованного государства.



**ПРИМЕЧАНИЯ:**

[1] Текущий архив Агентства социального обеспечения Кыргызской Республики.Итоги деятельности в 2007 году. – С.2.

[2] Там же. – С.14.

[3] Там же. – С.13.

[4] Социальпая политика (Абдуллаева У.А., Нурова С.С., Усенова В.У., Р.Пептон) – Бишкек: Ассоциация соц.работников КР, 2006. – С.169.

[5] Текущий архив Агентства социального обеспечения. Социальная защита в условиях инфляции.2008. – С.10.

[6] Текущий архив Агентства социального обеспечения КР. Анализ социальных показателей по Кыргызской Республике. – С.1.

[7] Там же. – С.1.

[8] Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. Информационный бюллетень Кыргызской Республики по продовольственной безопасности и бедности. №4/2009. – Бишкек, 2010. – С.19.

*А. С. Ормушев*

## Кыргыз-Түрк кызматташтыгы
### (Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын дипломатиялык мамилелеринин түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгына карата тарыхый илимий иликтөөнүн жыйынтыктарынан)

**1. Саясий дипломатиянын түптөлүшү жана калыптанышы**

1990–1991-жылдары Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын жүргүзгөн кайра куруу, жаңылануу саясаты жер-жерлерде күч алып, элдин наразычылыктары чегинен чыгып, коммунисттик партиянын бийлиги начарлап, ага баш ийген союздук республикалар өз алдынча көз карандысыз мамлекет түзүүгө мүмкүндүк алышкан. 1990-жылдын 15-декабрында Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндөгү Декларацияны[1] жарыялоо менен, дүйнөлүк коомчулукка демократиялык, эгемендүү Республика катары таанылган. Ал эми 1991-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде «Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө Декларация» мыйзамын кабыл алган.[2] Ошол мезгилден баштап көптөгөн чет өлкөлүк мамлекеттер Кыргызстанды эгемендүү республика катары колдоорун билдиришип, ар тараптуу байланыштарды түзүүгө даяр экендигин ырасташкан. Ал мамлекеттердин эң биринчилеринин катарына Түркия Республикасы да кирген. Анткени, байыртадан эле түрктөрдүн тили, тарыхы, маданияты, дини кыргыз эли менен көп жагынан окшош тамырлаш болгон. Андыктан, алар тыгыз кызматташтыктын негизинде иш алып барууга мурдатан эле даяр эле. Натыйжада, 1991-жылдын 18-декабрында Түркия Республикасы Кыргыз Республикасынын эркиндигин таанып, ал эми 24-декабрда эки мамлекеттин ортосунда алгачкы дипломатиялык мамиле түзүлгөн.[3]

Мустафа Кемал Ататүрктүн 1933-жылдын 29-октябрында Түркия Республикасынын 10 жылдык салтанатында сүйлөгөн сөзүндө:

«Бүгүн Советтер Союзу биздин досубуз, коңшубуз, союздашыбыз. Биз бул достукка муктажбыз. Бирок, эртең эмне болорун эч ким алдын ала айта албайт. Ал Осман империясына, Австро-Венгрияга окшоп бөлүнүп, мүмкүн уучунан суурулуп баштаашар. Дүйнө күчтөрү дагы бир жаңы салмактуулукка ээ болор. Так ошондо Түркия эмне кыларын билиши керек... Биздин бул досубуздун карамаганында тили бир, ишеними бир, түбү бир боордошторубуз бар. Аларды бейдарек таштабай, түркүк болууга даяр болушубуз керек. Даяр болуу – тек гана ал күндү унчукпай күтүп отурууда эмес. Даярдык көрүү керек. Улуттар буга кандай даярданышмакчы? Рухий көпүрөлөрдү бек кармануу аркылуу. **Тил – бул көпүрө... ишеним – бул көпүрө... тарых – дагы көпүрө...**

... Алардын (тыш арадагы түрктөрдүн) бизге жакындоосун күтпөстөн, биз аларга жакындашыбыз керек»[4] – деген акылман оюн айткан эле.

Ошол 30-жылдары Ататүрк кыялданган ишеним көпүрөсүн куруу Ала-Тоого эгемендүүлүктүн нуру жангандан кийин гана мүмкүндүк түзүлдү. Ал кызматташтык көпүрөсүн анын жолун жолдогон көрөгөч саясатчы Тургут Өзалдын демилгеси менен иш жүзүнө ашырылган.

---

**Ормушев А. С.** – Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин ректору



Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин Түркия Республикасына жасаган биринчи расмий иш сапары 1992-жылдын 22-декабрында Анкара шаарына Тургут Өзалдын чакыруусу менен келген күндөн башталган. Ошол расмий жолугушууда (1991-жылдын 24-декабрында) Анкара шаарында Аскар Акаев менен Тургут Өзал[5] «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда достук жана кызматташтык жөнүндө» келишимине кол коюшкан.[6] Бул 11 статьядан турган алгачкы келишим эки өлкөнүн ортосунда саясий, экономика жана маданият багытында жүргүзө турган иш-чаралардын аткарылыштарын эл аралык тартипте жүргүзүүгө өбөлгө түзгөн биринчи расмий документ катары тарыхта калган.

Ошол күндөн баштап Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтык байланышы акырындап өнүгүү менен 20 жылдык дипломатиялык тарыхты түзүп келет.

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын саясий дипломатиялык байланышынын андан ары бекемдешине 1992-жылы 29-апрелде Бишкек шаарында Түркия Республикасынын элчилиги, ал эми 1992-жылы октябрда Анкарада Кыргыз Республикасынын элчилигинин ачылышы зор көмөк көрсөткөн.[7] Айрыкча эң алгачкы элчилер Метин Гокер менен Төлөмүш Океевдин эки мамлекеттин ортосундагы достуктун көпүрөсүн өнүктүрүүдө кошкон салымдары өзүнчө кеп кылууга татыйт.

Кыргыз дипломатиясынын тарыхында Түркияда Төлөмүш Океев менен бирге иштеген, тышкы иштерди уюштуруу боюнча тажрыйбалуу адис, түрк тилин мыкты билген Дилде Сарбагышева, илимдин кандидаты Анвар Мокеев, тажрыйбалуу дипломаттар Нургазы Кемелбаев, Талант Кушчубеков, Бактыгүл Калманбетовалардын жигердүү эмгектери мактоого арзыйт.

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын саясий байланыштарынын абалы эки өлкөнүн президенттеринин расмий иш сапарларынын достук, бир туугандык маанайда өтүшү, жолугушууларда кабыл алынган Келишимдердин эки тараптын тең кызыкчылыгын толук колдоосуна ээ болуусуна байланыштуу. Андыктан, 1993-жылы 7–8-апрелдеги Түркия Республикасынын Президенти Тургут Өзалдын Кыргызстанга жасаган алгачкы расмий иш сапары эки мамлекеттин саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө жаңы күч, дем бергендигин тарыхый документтер тастыктайт. Кийинчерээк, 1997-жылдын 24-октябрында Анкара шаарында Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев менен Түркия Республикасынын президенти Дамирелдин кол коюсу менен «Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын түбөлүк достугу жөнүндө» 8 келишим кабыл алынган. (Бул келишимдин негизинде 1991-жылдын 24-декабрында кабыл алынган эң алгачкы келишим өзүнүн күчүн жоготкон.) Боордош эки өлкө «Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы түбөлүк достук жөнүндөгү» келишимге ылайык, кызматташтыкты ар тараптуу өркүндөтүүнү колдоого алышкан. Жаңы келишимдер боюнча эки өлкөнүн ортосунда саясий, экономикалык жана маданий байланыштар мурдагыдан дагы жогорку деңгээлде чечилүүгө толук шарт түзүлгөн жана ыраттуу өнүгүүдө.

Айрыкча, Кыргыз Республикасы өзүнүн тышкы саясатын жүргүзүү тарыхында биринчи жолу «Түбөлүк достук жөнүндө» келишимге алыскы чет өлкөдөгү мамлекеттердин ичинен боордош Түркия Республикасы менен кол коюлушу **тышкы саясаттагы жаңы кадам катары баалоого бо-**

**лот.** Анткени, түбөлүк достукта кол кармашкан эки мамлекеттин ортосунда эч убакта саясий келишпестик орун албастан, тескерисинче, тигил же бул мамлекеттин башына оор мүшкүл түшсө, дайыма бири-бирине жардам берүү багытында жүргүзүлгөн кызматташтык саясаты эки тараптын кызыкчылыгын көздөйт.

Биздин көп жылдардан берки илимий иликтообуздун жыйынтыктарына таянып, Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын президенттеринин расмий жолугушуулары башка чет өлкөлөрдөгү мамлекеттердин башчылары менен жолугушууларына караганда, көбүрөөк жана жемиштүүрөөк болгонун байкадык. Тактап айтканда, 1991-жылдан 2011-жылга чейин 20 жылдын ичинде кыргызстандык президенттер Түркияга 13 ирет расмий иш сапары жана жөнөкөй иш-сапары менен барышкан. Алардын ичинен Кыргыз Республикасынын биринчи президенти Аскар Акаев жети жолу, Кыргыз Республикасынын экинчи президенти Курманбек Бакиев эки жолу, ал эми Кыргыз Республикасынын үчүнчү президенти Роза Отунбаева эки жолу иш сапары менен болушкан. Ал эми Түркия Республикасынын президенттери 6 ирет Кыргыз Республикасынын расмий иш сапары менен келишкен. Алсак, Түркия Республикасынын президенти Тургут Өзал – 1-жолу (1993-ж.); Сулейман Демирел – 3 жолу (1995-ж., 1997-ж., 1998-ж.); Ахмед Сезар – 1 жолу (2000-ж.); Абдуллах Гүл – 1 (2009-ж.) жолу расмий түрдө келишкен.[9]

Мындан сырткары, эки өлкөнүн премьер-министрлери, парламенттин төрагалары жана министрлер иш сапарлары менен болушуп, эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуунун көп тараптуу чегин аныктап, эки тараптуу мамилелердин келишимдик-укуктук базасын бекемдөө багытында иш жүргүзүшкөн.

Эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилени бекемдөөдө Бишкек шаарындагы Түркия Республикасынын элчилигинин достук, бир туугандык маанайда жүргүзгөн иш-чараларында кыргыз эли үчүн көптөгөн көмөктөр болду. Анткени, Кыргыз Республикасына элчилик кызматка келген адамдар Түркия Республикасынын Президентинин өкүлү катары, эл аралык мамилелерди түзүүдө тажрыйбалуу, билимдүү, мурда бир нече мамлекеттерде элчи болуп кызмат аткарган, чечкиндүү, калыс, таза, дипломатиялык иште өз өлкөсүнүн, өз улутунун кызыкчылыгын көздөгөн адис элчилер ак кызмат өткөрүшүүдө. Алардын катарында Метин Гокер (1992–1996-жж.), Түрел Өзкарол (1996–1998-жж.), Доган Акдур (1998–2000-жж.), Мучаффер Эроктем (2001–2001-жж.), Серпиль Альпмандар (2004–2009-жж.) ийгиликтүү иштеп кетишти.[10]

Бүгүнкү күндө (2009-жылдан бери) Түркия Республикасынын элчиси катары, мырза Нежат Акчал эмгектенүүдө. Ал 1975-жылы Анкара университетинин саясий факультетинин, эл аралык мамилелер бөлүмүн бүтүрүп, Түркиянын Тышкы иштер министрлигинде кызмат өтөйт. 1980-ж. Нюрнбергде Консульстводо, 1983-ж. Багдадда элчиликте 2-, 1-секретарь болот, 1985-ж. Нью-Йоркто, 1993-ж. Хельсинкиде; 2004-2008-ж. Штутгарт Консульстволордо эмгектенген тажрыйбалуу, дасыккан адис. Өзүнүн элчилик кызматында үч жолу Түркиянын Тышкы иштер министрлигинде эл аралык бөлүмдүн башчысы, директорлук кызматтарды да аткарып өзүнүн иш тажрыйбасын ар тараптан бекемдеген адис.[11] Мына ушундай эл аралык мамилелерди түзүүчү мекемелердин көбүнөн тажрыйбада сыналып өтүп келген адис элчилер гана өз эли, өз республикасы үчүн ак дилден иштешет.



Кыргыз-Түрк кызматташтыгы 20 жыл ичинде көптөгөн саясий окуяларды өз ичине камтыды. Айрыкча, ушул жылдары Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунда болуп өткөн ар кандай өзгөрүүлөргө байланыштуу, тышкы саясаты дагы өйдө-ылдый, бир калыпта эмес, туруксуз абалда болуп турду. Андыктан, Кыргыз-Түрк саясий байланышына саясий баа берүүдө, биз анын өнүгүүсүн президенттердин жүргүзгөн саясаттарына байланыштуу болгондугуна ынандык.

Анткени, 20 жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын президенттик башкаруусундагы орун алмашуулар шайлоо жолу менен эмес «революциялык» ыкмалар менен ишке ашкандыктан, дүйнөлүк коомчулукту кандайдыр бир деңгээлде тынчсыздандырды. Ошону менен 2005-жылдын 25-мартындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги элдик революциянын чуусу менен кандайдыр бир топтор (криминалдык топтор, уурулар, селсаяктар, жумушсуздар) Бишкек шаарындагы Түркиянын жана чет өлкөлүктөрдүн ишкерлеринин дүкөндөрүн талкалап, баалуу товарларды талап-тоноп кеткени жөнүндө телеберүүлөр, гезиттер бүт дүйнөгө жарыялады.

Мындай жагымсыз окуялар Кыргыз-Түрк кызматташтыгынын ортосундагы мамилени басаңдатууга, кандайдыр бир деңгээлде өз таасирин тийгизгендиги байкалды.

Болбосо, 1991-жылдын 24-декабрда кол коюлган биринчи дипломатиялык мамиленин башаты, 1997-жылдын 24-октябрында, 1999-жылдын 1-июлундагы **«Түбөлүк достук»** жана **«21 кылымга бирге»** деген келишимдердин түзүлүшү эки мамлекеттин карым-катнашын ар тараптуу өсүп өнүгүүсүнө толук шарт түзгөн. Бул келишимдерди түзүүгө демилгечи болгон Түркия Республикасынын президенттери, көрөгөч саясатчылар Тургут Өзал менен Сулейман Демирелдин дипломатиялык иштерине татыктуу баа беришибиз керек. Дүйнөлүк саясатта тажрыйбалуу жетекчилер катары таанылышкан Тургут Өзал жана Сулейман Демирель менен тил табышып, алардын баасына татыктуу болгон Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин дипломатиялык ишмердүүлүгүнүн башталышы, айрыкча ал жүргүзгөн тышкы саясатында Түркия Республикасы менен болгон мамилени түзүүдөгү аракеттери көптөгөн натыйжаларды берген. Аскар Акаевдин дипломатиялык атайын билими болбогону менен, илимпоз катары билим байлыгынын тереңдиги, чечендиги, жолугушууларда өзүн алып жүрүүсү аркылуу өзүнө адамдарды тарта алган касиетке ээ болчу. Мындай жакшы сапаттары менен ал көптөгөн мамлекеттердин жетекчилеринин ишенимине ээ болгондугу ырас.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Түркия Республикасы менен эң биринчиден болуп, дипломатиялык мамилени түзүшү, эки мамлекеттин президенттеринин, премьер-министрлеринин тынымсыз, бат-баттан кездешүүлөрүн Америка Кошмо Штатынын, Европанын, Россиянын, Кытайдын саясатчылары өтө кылдаттык менен көз салып турду. Европанын, Россиянын саясатчылары, тарыхчылары Түркия Республикасы Эгемендүү Кыргызстанга өзүнүн таасирин саясатта, экономикада жана илим, билим берүү, маданият багытында пантюркизмдик саясатын таңуулап, ислам динин акырындык менен жайылтып жана латын алфавитин мектептерде жайылтууга үндөп, жаштарды Түркиянын шаарларынан бекер окутуу жолдору менен өздөрүнө жакындатуу, Кыргызстанда түрк мектептерин, жогорку окуу жайларды ачуу ыкмаларын колдонууларын ачык эле күнөөлөп жазып чыгышты.[12]

Ошол мезгилдери тышкы саясатын ойдогудай жүргүзүүгө али тажрыйбасы жок президент Аскар Акаев бир Америка Кошмо Штатын, бир Россияны карап, саясат жүргүзүүгө аргасыз болгон. Ошонун натыйжасында, «Латын алфавитине өтүү жөнүндө» деген өзүнүн даярдаган жарлыгын Россиянын жана Кыргызстандагы орус тилдүү калктын таасиринен чочулап, ачык жарыялоого батына алган эмес. Бул жагынан Өзбекстан, Азербайжан, Түркмөнстандын Президенттеринин тышкы саясатты жүргүзүүдөгү чечкиндүүлүгүн, эркүүлүгүн баалоого болот. Анткени, алар дагы латын алфавитине өтүү жөнүндөгү жарлыктарын чыгарып, аны турмушка ашырышты. Алар Россия мамлекети менен дипломатиялык мамилени түзүүдө тең ата боло ала турганын, өз өлкөсүнө тиешелүү саясатты өздөрү гана чече тургандыгын ырасташты.

Ошондой эле Аскар Акаевдин Түркия Республикасы менен тышкы саясатты жүргүзүүдө, Анкарадагы элчилик кызматка өзүнүн ишенимдүү адамдарын же болбосо өзүнүн саясий атаандашын дайындоолору анын дипломатиялык ишмердүүлүгүнө көлөкө түшүргөн пикирлерди жаратты. Буга мисал катары, президенттик шайлоодон кийин өзүнүн саясий атаандашы Медеткан Шеримкуловду Анкарага элчиликке жибериши дипломатиялык мамиледе одоно катачылык болгон. Анткени, элчи деген Кыргыз Республикасынын атынан, анын президентинин атынан сүйлөй турган өтө ишенимдүү адам болуш керек. Бирок, тилекке каршы кечээ эле А.Акаев менен саясий бийликти талашып, президенттик бийликке ат салышып жүргөн өзүнүн саясий атаандашын элчиликке жиберүү, өзүн жана бир туутан өлкөнү сыйлабагандык болуп эсептелерин дипломатиялык коом билсе дагы билмексен болуп койгон эле. Ал аз келгенсип, кийин Түркияга өзүнүн үй-бүлөсүнүн сүймөнчүктүү кеңешчиси Аманбек Карыпкуловду элчи кылып дайындашы анын үй-бүлөлүк башкаруусунун дооранын эл аралык мамиледе дагы кулач жайгандыгын айгинелейт.

Аскар Акаевдин дипломатиялык кадрларды дайындоодогу кетирген кемчиликтерин, кийинки бийлик ээлери эске алуу менен мамиле жасап, элчиликке тажрыйбасы бар, Тышкы иштер министрлигинде көп жылдар бою иштеген, бир нече тилде эркин сүйлөй алган татыктуу адистерди койсо, эл аралык мамилелердеги кызматташтык, достук бекем болуусуна эң мыкты шарт түзүлөр эле.

Ал эми 2000–2004-жылдары Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев менен Түркиянын Президенти Ахмет Неждет Сезардын[13] ортосундагы бирден расмий иш сапарлар келишимдерди түзүү менен аякташан.

Кыргыз-Түрк кызматташтыгынын андан ары өнүгүүсүнө 2003-жылдын 21-октябрында Түркия Республикасынын Премьер-министри Реджеп Тайип Эрдогандын[14] Кыргыз Республикасына расмий иш сапары менен келиши чоң түрткү болгон. Түрк элинин бул чыгаан саясатчысын, өз оюнан тайбаган, чечкиндүү жана туруктуу мамлекеттик ишмерди кыргыз коомчулугу, анын 1992–1993-жылдары Стамбул шаарында мэрлик кызматты аткарып жүргөн учурдан бери жакшы билет жана урматтайт.

Реджеп Тайип Эрдогандын Кыргызстанга жасаган расмий иш сапары Аскар Акаевдин президенттик бийлик учурундагы Түркия Республикасы тарабынан жогорку деңгээлдеги акыркы жолугушуу болгондугун байкоого болот.

2005-жылдын март айындагы элдик революциянын шарапаты менен демократтар Кыргыз Республикасынын Президенттигине Курманбек Бакиевди алып келишти. Мурда эл аралык саясатта аты анча билинбеген, тышкы саясатты жүргүзүүдө тажрыйбасы жок, бирок өндүрүштүк ишти жакшы билген, аткаруучулук жөндөмү бар, ар кандай даражадагы мамлекеттик кызматтарды өз алына жараша аткарып жүргөн адам бийлик башына келди.



Бул мезгилде Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты бир аз убакытка чейин күтүү, жаңы мамлекет жетекчисин алыстан байкоо жүргүзүү, ар тараптан сыноо мезгилин башынан өткөрдү. Ошол учурда Түркия Республикасы Кыргызстан менен эки тараптуу кызматташууну жандандыруу максатында 2006-жылдын 5-6-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Курманбек Бакиевди Анкарага расмий иш сапар менен келип кетүүгө чакырган. Иш сапардын негизги максаты, Түркия менен эки тараптуу кызматташууну андан ары активдештирүүдө багыттын өзгөрбөй тургандыгы тууралуу Кыргызстандын жаңы жетекчилигинин көз карашын бекемдөө эле. Андан сырткары, саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык тармактарда мамилелерди өнүктүрүү болгон. Иш сапардын жүрүшүндө КРнын Президенти К.Бакиев Түркиянын Президенти Ахмет Неждет Сезар, премьер-министр Режеп Тайип Эрдоган, парламенттин төрагасы Бүлент Арынч жана Түркиянын 9-президенти Сулейман Демирел менен жолугушкан.[15]

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы саясий байланыштарды Түркия Республикасынын Президенти Абдуллах Гүлдүн[16] 2009-жылдын 26–28-майда Кыргыз жергесине жасаган расмий иш сапар менен бекемдөөгө жасаган аракети катары баалоого болот. Түркия Республикасынын он биринчи президенти Абдуллах Гүл расмий иш сапарында Кыргызстан жана Түркия мындан аркы эки тараптуу мамилелерди тереңдетүү жана кеңейтүүдө багытынын өзгөрбөй тургандыгын, позицияларынын бирдейлигин жана бекемдигин бардык жолугушууларда сүйлөгөн сөздөрүндө белгилеп көрсөтүп жатты.[17]

Иш сапардын жүрүшүндө эки мамлекеттин президенттери өз ара кызыкчылыкты туудурган эки тараптуу байланыштардын жана бардык тармактар боюнча мындан аркы кызматташууну өнүктүрүүнүн келечегин кызуу талкуулашкан эле. Эки тараптуу сүйлөшүүлөрдө соода-экономикалык тармакта кыргыз-түрк өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү боюнча маселелерди чечүүгө маанилүү көңүл буруу керектигин баса көрсөттү. Өнөктөштүктү жогорку жана сапаттуу даражага жеткирүү максатында эки тараптуу макулдашууга кол коюшуп, Биргелешкен декларация кабыл алышышкан. Кыргыз Республикасынын Президенти менен Түркия Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлган «Биргелешкен декларация» 18 статьядан туруп, эки өлкөнүн саясий, экономикалык жана маданий багыттагы кызматы чагылдырылган.

Натыйжада, президенттик иш сапар Түркия менен мамиле түзүүдө шыктандыруучу кошумча күч берип, Кыргызстанга инвестиция тартууга көптөгөн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөндөй болгон.

Бирок, тилекке каршы, Кыргыз-Түрк кызматташтыгы саясий жактан жаңы эле кайрадан мурдагыдай бийиктикке көтөрүлүп калган кезде 2010-жылы 7-апрелде кыргыз демократтары экинчи Элдик революцияны башынан өткөрүштү. Анткени, Кыргыз Республикасынын экинчи президенти Курманбек Бакиев, биринчи президент А.Акаевдин үй-бүлөлүк башкаруу системасынын моделин андан ары улап, күчөтүп, өркүндөтүп, өлкөдө үй-бүлөлүк диктатура орноткону аз келгенсип, эл аралык саясатка уулу

Максим Бакиевди аралаштырып, көптөгөн өлкөлөрдүн жетекчилеринин наразычылыктарын жаратты. Кыргыз жаштары Курманбек Бакиевдин үй-бүлөлүк, диктатурлук режимине каршы тынчтык жолу менен демонстрацияга чыкса, аларды элдик президент ок менен тосуп алды.

Эң кайгылуусу, бул сапар элдик революция канга боёлгон, далай жаш жигиттердин өмүрүн алган революция болуп тарыхта калды. Бул элдик революцияга шылтоолоп, мурда көнүп калган жаман адат менен криминалдык топ, ашынган уруулар, жумушсуз жаштар, кээ бир бузуку адамдар атайлап кайрадан түрк, кытай, орус, кыргыз ишкерлеринин супермаркеттерин талкалап, талап-тоноп, өрттөп кетишти.

Мындай жосунсуз жоруктар эл аралык соода-сатыктардын убактылуу токтошуна жана Кыргыз Өкмөтүнүн тышкы саясатындагы жүргүзгөн дипломатиялык иштеринде көптөгөн тосколдуктарды жаратты.

Ошондой болсо дагы, Кыргызстандагы саясий баш аламандыктын кесепети, түрк ишкерлерине жасалган одоно мамилелер эки өлкөнүн мамилесине өз таасирин тийгизе алган жок, тескерисинче, Түркия Республикасы кыргыз элине боордоштук мамилесин бузган жок.

Алсак, 2010-жылы 7-апрелдеги элдик революциядан кийинки Убактылуу өкмөттүн жетекчилери Р.Отунбаевага, А.Атамбаевге оор мезгилдерде Түркия Республикасынын президенти Абдуллах Гүл менен премьер-министр Реджеп Тайип Эрдоган Убактылуу өкмөттү колдогондугун билдиришти.

2010-жылдын 7–10-июнунда КР Убактылуу Өкмөтүнүн биринчи орун басары Алмазбек Атамбаевге Түркия Республикасынын премьер-министри Реджеп Эрдоган Кыргызстанда саясий абалды эске алуу менен 21 млн АКШ доллар өлчөмүндө грант берүүнү билдирди.[18]

2010-жылдын акыркы айларында Түркия Республикасынын президенти Абдуллах Гүл менен Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаеванын расмий жолугушуулары Астанада жана Стамбулда болуп өттү. Акыркы жолугушууда Роза Отунбаева Абдуллах Гүл менен Стамбулда Кыргызстанга инвестициялык жардам берүүчү II форумду уюштурууну макулдашышты.[19] Бул жогорку деңгээлдеги эки өлкөнүн президенттеринин жолугушуусу Кыргыз-Түрк мамлекеттеринин ортосундагы саясий байланышты бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү көпүрө сыяктуу элестетүүгө болот.

Биздин илимий иликтөөбүздүн жыйынтыгында, Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы мындан 20 жыл мурун түзүлгөн дипломатиялык кызматташуу эки мамлекеттин ортосунда 130дан 20 ашык эки тараптуу келишимдерди түзүүгө, экономикалык, маданий байланыштардын өсүп өнүгүүсүнө жетишкенине күбө болдук. Ошондой эле эки мамлекеттин жетекчилери аныктаган саясий байланыш багытындагы дипломатиялык кызматташтык өз жемиштерин берүүдө. Бир кезде Мустафа Кемал кыялданган эки элдин ортосундагы курула турган көпүрөлөрдүн саны бүгүнкү күндө 130дан ашып, бул көпүрөлөр тилдин, ишенимдин, достуктун көпүрөлөрү катары Кыргыз-Түрк кызматташтыгын чыңдоого, бекемдөөгө өбөлгө түзүүдө.

**КОШУМЧА ТҮШҮНҮКТӨР:**

1 КР БМА, ф.1445, оп.17, д.2326, л.119-124; д.2327, л.121-127.
2 КР БМА, ф.1445, оп.17, д.2326, л.49-59.
3 Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин архиви. Кыргыз-Түрк кызматташтыгы боюнча Европа департаментинин даярдаган кыскача маалыматы. – 2010-ж.



4 Асан Ормушев, Орхон Инанды, Талант Асан уулу. «Себат» - колыбель знаний. – Бишкек, 2010. – С. 8.
5 Тургут Өзал – 1927-жылы Түркиянын Малатья шаарында туулган. Атасы банкта, апасы Хафиза мугалим болуп иштеген. Конья, Кайсери шаарында мектепте окуган. Стамбулда инженердик кесипке ээ болгон. 1950-1952-жылдары Америкада иштеген. Жакынкы Чыгыш техникалык университетинде лекция окуган. 1980-жылы 14-сентябрда ошол мезгилдеги премьер-министр Б.Улустун экономика боюнча кеңешчиси болот. 1983-жылы 20-майда Ата-Мекен партиясын түзөт. Ошол жылы парламенттик партияда Ата-Мекен партиясы жеңишке жетип Тургут Озал Түркиянын кырк бешинчи премьер-министри болуп дайындалат. 1987-жылы Тургут Озал Түркиянын сегизинчи президенти болуп шайланат. 1993-жылы 17-апрелде катуу оорудан кийин каза болгон.
6 Жоробекова А.Э., Момошева Н.К. Хроника внешнеполитической деятельности Кыргызской Республики (1991-2002). – Бишкек, 2003. – С.7.
7 Каана Айдаркул. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Бишкек, 2002. – С.109.
8 Токтомушев К. Внешняя политика независимого Кыргызстана. – Бишкек, 2001.- С.114.
9 Эки өлкөнүн президенттеринин расмий иш сапарларынын жана эл аралык саммитерге катышуу үчүн барган иш сапарларын тактоодо, автор ар кайсыл булактардан жыйнаган маалыматтар боюнча бергенге аракет жасаган. Анткени, президенттердин расмий иш сапарлары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин тиешелүү Департаментинин берген маалыматтары менен биздин маалыматтардын ортосунда айырма бар.
10 Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин биздин расмий катыбызга даярдаган атайын маалыматтын негизинде жазылды.
11 Ошол эле маалыматта.
12 Новейшая история. – М., 2001
13 Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин архиви.
14 Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин архиви.
15 «Слово Кыргызстана», 2005, 5 сентябрь; «Заман Кыргызстан», 2006, 1 сентябрь; «Вечерний Бишкек», 8 сентябрь.
16 Абдуллах Гүл – 1950-жылы 29-октябрда туулган. 1971-жылы Стамбул университетинин экономика бөлүмүн бүтүргөн. 1983-жылы докторлук даражага ээ болот. 1980-жылдары Ислам банкында иштеген. 1996-жылы мамлекеттик министр, 2002-жылы премьер-министр, 2007-жылы 28-августта Түркиянын он биринчи президенти болуп шайланган.
17 «Эркинтоо», 2009, 28-май; «Слово Кыргызстана», 29 май.
18 «Заман Кыргызстан», 2010, 12-июнь
19 Президенттин Стамбулдагы жолугушуулары. – «Эркинтоо», 2010, 28-декабрь.
20 Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинин архиви. Биздин расмий катыбыз боюнча Кыргыз-Түрк кызматташтыгы боюнча Европа департаменттиги тарабынан даярдалган кыскача маалымат. – 2010.

# РОССИЯ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ТАРЫХЫНАН
# ИЗ ИСТОРИИ РОССИИ И СТРАН ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ

*Ю. Н. Алёшин*

## Проблема обеспечения безопасности российских соотечественников

Федеральные законы Российской Федерации о государственной политике в отношении соотечественников за рубежом № 99-ФЗ (24 мая 1999 г.) и № 179-ФЗ (23 июля 2010 г.)[1] определяют, что «государственная политика Российской Федерации в отношении соотечественников является составной частью внутренней и внешней политики Российской Федерации и представляет собой совокупность правовых, дипломатических, социальных, экономических, информационных, образовательных, организационных и иных мер». В соответствии с этим, в компетенцию федеральной власти входит проблема обеспечения безопасности соотечественников, проживающих за рубежом.

Прежде всего следует отметить, что безопасность российских соотечественников в условиях политического кризиса в Кыргызской Республике в 2010 г. рассматривалась исходя из принципа неразрывности обеспечения личной, национальной и общей (коллективной) безопасности всего Центрально-азиатского региона.

То, что этот киргизский кризис способен перерасти в региональный, было сразу же отмечено многими экспертами. Так, на заседании «круглого стола» «Политический кризис в Киргизии и международные структуры безопасности в Центральной Азии», который состоялся 10 июня 2010 г. в Москве, было заявлено, что «ухудшение социально-экономической обстановки, противоречия между севером и югом страны, раскол политической элиты и проявления политического экстремизма создают опасность возникновения в регионе нового очага напряженности, что, безусловно, вызывает озабоченность в соседних государствах»[2].

С такой оценкой были согласны и западные аналитики Дж. Коллинз и М. Рожанский, которые считали, что «существует вполне реальная возможность распространения конфликта на соседние регионы Таджикистана и Узбекистана»[3]. Более того, они полагали, что «последние трагические события в Кыргызстане касаются не только политического будущего этой страны; они представляют собой четкий вызов для структур коллективной безопасности во всем евразийском регионе»[4].

Алешин Ю. Н. – зам. командира части, генерал-лейтенант, соискатель КРСУ



Не только эксперты, но и политики выразили свою обеспокоенность возможностью разрастания киргизского кризиса. Президент Казахстана Н. Назарбаев заявил, что «межнациональные конфликты в Киргизии несут угрозу всей Центральной Азии»[5]. Президенты России и США выступили с Совместным заявлением в связи с ситуацией в Кыргызской Республике, обратив особое внимание на противодействие «угрозам, исходящим от наркотрафика и терроризма»[6]. В Заявлении они высказали поддержку согласованной международной реакции на этот кризис Организации Объединённых Наций и других международных организаций и призвали «к использованию ненасильственных, политических методов разрешения существующих проблем, к скорейшему восстановлению общественного порядка, гражданского мира и межнационального согласия»[7].

Бесспорно, на национальную безопасность государств влияет присутствие в регионе таких организаций, как ООН, ОБСЕ и НАТО. Можно сказать, что стратегическая важность Центральной Азии обусловливает заинтересованность мирового сообщества в целом в долгосрочной мирной и стабильной обстановке на ее территории. Но, учитывая, что Центрально-азиатский регион является регионом пересечения зон ответственности ОДКБ, ШОС и ЕврАзЭС в политической, военной, экономической и гуманитарной сферах, следует проанализировать реакцию именно этих организаций на киргизский кризис. Это тем более актуально, что в их адрес нередко звучали упреки в неэффективности и неспособности реагировать на внутригосударственные конфликты, угрожающие соседним странам[8].

На самом деле, ОДКБ действовала оперативно и уже 9 апреля отправила в Бишкек свою делегацию. Благодаря ее усилиям удалось собрать всех представителей международных организаций, которые были в стране, и провести обсуждение ситуации. Советник Управления политического сотрудничества Секретариата ОДКБ А. Никифоров отметил, что «какое-либо силовое вмешательство было невозможным. В Уставе нашей организации совершенно определенно записано, что она действует на основе неукоснительного уважения независимости, равенства прав и обязанностей государств-членов, невмешательства в дела, подпадающие под национальную юрисдикцию. Поэтому никаких попыток в этом плане не было и не могло быть. ОДКБ – это не Организация Варшавского договора времен интервенции в Чехословакию»[9].

Секретариат Организации Договора о коллективной безопасности специально уточнил, что «решение о неприменении миротворческих сил ОДКБ в Кыргызстане в период известных событий в этой стране было принято на уровне глав государств, входящих в организацию, единогласно»[10]. Эксперт Российского института политических исследований, главный редактор журнала «Проблемы национальной стратегии» А. Куртов, рассматривая потенциальные возможности международных организаций в улаживании киргизского кризиса, напомнил, что ОДКБ «создавалась для предотвращения внешних угроз, а не для вмешательства во внутренние дела. Поэтому обвинения в том, что она "проспала" нарождавшийся конфликт, несостоятельны»[11].

Генеральный секретарь ОДКБ Н. Бордюжа, поясняя позицию Организации в период июньского вооруженного конфликта на юге Кыргыз-

стана, заявил: «Во время событий на юге Киргизии мы могли выбирать из двух вариантов. Первый – отправить туда миротворческие силы. Второй – предоставить помощь органам безопасности Киргизии, чтобы они своими силами разбирались с проблемой, которую они, собственно, сами и создали. Июньский конфликт в Киргизии – это внутренний конфликт. Практически это политическая борьба, которую ведут уродливыми методами. Но это все равно политическая борьба. Мы не хотели бы брать на себя функции полицейских и вмешиваться в чужие политические процессы. ...Несмотря на это, был предпринят ряд шагов по предоставлению практической помощи властям Киргизии. Включая поиски организаторов беспорядков и координацию сотрудничества по пресечению деятельности террористических групп, которые фактически влияли на ситуацию из Афганистана»[12].

Секретари советов безопасности государств-членов ОДКБ, исходя из результатов оценки ситуации и в соответствии с мандатом ОДКБ, 14 июня 2010 г. выработали конкретные предложения, направленные на снижение уровня межнациональной напряженности, локализацию противоправных действий преступных элементов и бандгрупп, пресечение экстремистских действий и усиление пограничной безопасности[13].

Следует признать, что открытые вооруженные конфликты в Кыргызстане в апреле–июне 2010 г. показали недостаточность нормативно-правовых оснований для действий ОДКБ с целью предотвращения и локализации внутригосударственных конфликтов, способных перерасти в региональные. По мнению Генерального секретаря ОДКБ Н. Бордюжи, «события в Киргизии отчетливо продемонстрировали ряд недостатков в вопросах оперативного реагирования ОДКБ на кризисные ситуации в странах-участницах. Необходимость их устранения продиктовала сама жизнь»[14].

Результатом осознания необходимости совершенствования подходов к урегулированию кризисов, подобных киргизскому, последствия которых не могут быть ликвидированы усилиями лишь пострадавшего государства-члена ОДКБ, стал вывод о совершенствовании системы кризисного реагирования ОДКБ.

10 декабря 2010 г. в Москве на очередном саммите Организации Договора о коллективной безопасности прошло обсуждение системы реагирования на кризисные ситуации – угрозы безопасности и суверенитету стран Организации, а также были рассмотрены документы, регламентирующие деятельность Организации в сфере военного и военно-технического сотрудничества, информационной безопасности и других направлений. Всего было рассмотрено более 30 вопросов, подписано Заявление о Миротворческих силах ОДКБ и принята Декларация глав государств-членов ОДКБ[15].

Президент Российской Федерации Д. Медведев заявил, что «Россия как страна-председатель в тот период Совета коллективной безопасности акцентировала внимание <...> на создании механизма кризисного реагирования ОДКБ. И мы такой механизм подготовили. События в Киргизии со всей очевидностью показали, что надо повышать эффективность нашей организации в противодействии современным вызовам»[16].

Основным достижением саммита является внесение изменений в Договор о коллективной безопасности, в Устав Организации, в Правила процедуры, в Положение об органах ОДКБ, направленных на совершенствование системы кризисного реагирования. В Договоре о коллективной безопасности по итогам заседания уточнены части, касающиеся выработки



и реализации мер по оказанию помощи государствам-участникам в целях нейтрализации угроз их безопасности, территориальной целостности и суверенитету. Внесенные изменения в Устав ОДКБ предполагают принятие совместных мер к формированию действенной системы коллективной безопасности, обеспечивающей коллективную защиту в случае возникновения угрозы безопасности, стабильности, территориальной целостности и суверенитету и реализацию права на коллективную оборону.

Принятие нормативно-правовых документов, позволяющих государствам-членам ОДКБ более эффективно и оперативно реагировать на развитие кризисных ситуаций, Генеральный секретарь ОБСЕ Н. Бордюжа охарактеризовал как завершение формирования нормативно-правовой базы ОДКБ[17]. Он отметил, что теперь организация имеет силовой потенциал, нормативную базу, регулирующую ее деятельность, в том числе в кризисных ситуациях, и дальнейшая деятельность ОДКБ будет нацелена на «решение практических задач по тем или иным проблемам, связанным с безопасностью»[18].

## АРХЕОЛОГИЯ, ЭТНОГРАФИЯ, ЭТНИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ

*О. М. Москалев*

### К выявлению и изучению памятников археологии в Кыргызстане (1923–1990 гг.)

Памятники археологии имеют большое научное значение в воссоздании ранних периодов истории и культуры народов населявших нашу республику с ранних времен. Поэтому они находятся под постоянным вниманием правительства Кыргызстана. В 1920 г. было положено начало учету, выявлению, охране и реставрации культурного наследия народов Туркестана, в состав которого входила территория нашей республики. Большой вклад в решение этого вопроса внесла комиссия ВЦИК и СНК по делам Туркестана в состав которой входил В.В. Куйбышев, М.В. Фрунзе, Я.Э. Рудзатак и К.П. Элиава. Одним из результатов деятельности Турккомиссии являлось издание в 1920 г. Туркестанским ЦИКом Декрета «Об охране памятников старины и искусства». 23 мая 1921 создается Комитет по делам музеев и охране памятников старины, искусства и истории – Туркомстарис. В период с 1923–1924 гг. эта организация провела 11 экспедиций по обследованию памятников Средней Азии, три из них работали на территории Кыргызстана. По инициативе Туркомстариса под государственную охрану были взяты башня Бурана, Таш-Рабат, Узгенский архитектурный комплекс, городище Ак-Бешим, Ак-Тепе и гумбез Манаса из села Дмитриевское. Об этом говорит Постановление ЦИК и СНК Туркестанской республики от 27 марта 1923 г. за №52. В 1924 году, после национально-государственного размежевания Средней Азии, Туркомстарис был преобразован в Средазкомстарис. С образованием Киргизской автономной области наступает значительное оживление работ по охране и изучению археолого-архитектурных памятников. Наряду с Средазкомстарисом в этой деятельности принимают участие и местные научно-исследовательские и культурно-просветительские учреждения. В 1925 году Б.П. Денике и М.М. Логинов обследовали башню Бурана, а М.Е. Массон – гумбез Манаса. В 1926–1927годах П.П. Иванов выполнил большой объем работ по выявлению археологических памятников на территории Таласской долины и Иссык-Кульской котловины. Тогда же им была составлена первая археологическая карта Приисыккулья, которая не потеряла своего значения и в наше время.

**Москалев О. М.** – старший преподаватель КГУ им. И. Арабаева



В 1927–1928 гг. по Постановлению Правительства Киргизской АССР проводились ремонтно-реставрационные работы на башне Бурана и Узгенских мавзолеях. В это время М.Е. Массон обследует Буранинское и Узгенское городища, М.В. Воеводский и М.П. Грязнов произвели раскопки курганов в Чуйской долине и Чельпекском могильнике, который находится вблизи города Каракола.

Большую работу по выявлению археологических памятников в долине р.Чу выполнил А.Н. Тереножкин. Им было зафиксировано 632 кургана, 16 развалин средневековых поселений и ряд других памятников.

В 20–30 гг. XX в. М.Е. Массон вводит регистрацию нумизматического материала, найденного на территории нашей республики. За рассматриваемый период Туркомстарисом и Средазкомстарисом, а также учеными Москвы и Санкт-Петербурга были проведены значительные работы по выявлению, учету, изучению и охране памятников истории и культуры на территории Кыргызстана. С середины 30-х годов XX века эту работу продолжил Комитет наук при Совнаркоме Киргизской ССР, Педагогический институт им. М.В. Фрунзе в тесном контакте с Институтом археологии Академии наук ССР.

В 1938–1940 гг. была проведена большая работа по выявлению, фиксации и раскопки памятников древности Семиреченской археологической экспедицией под руководством А.Н. Бернштама в Таласской, Чуйской, Кочкорской долинах и Иссык-Кульской котловине. Придавая огромное значение сохранению памятников истории и культуры, Совет Народных Комисаров Киргизской ССР 11 марта 1940 года принял Постановление «О состоянии и улучшении дела охраны памятников революции, истории и культуры» на основании которого охрана памятников возлагалась на областные, городские и районные Советы депутатов.

Особое место по своей значимости занимает экспедиция археологического надзора за строительством Большого Чуйского канала. Она была организована по Постановлению правительства Киргизской ССР в апреле 1940 года. В ее работе приняли участи ученые Института археологии АН СССР, Ленинградского государственного университета и научные организации Кыргызстана. Они выявили ценные для науки материалы, которые позволили воссоздать материальную культуру Северного Кыргызстана, начиная с эпохи бронзы до позднего средневековья. Археологический материал, полученный в процессе строительства БЧКа, лег в основу археологического отдела Краеведческого музея г. Бишкека.

В 1944–1948 гг. на территории нашей республики работала Тянь-Шано-Алайская археологическая экспедиция под руководством А.Н. Бернштама. Она ставила задачу сбора материала для составления археологической карты Северного Кыргызстана и с целью сохранения памятников древности. Экспедиция выявила памятники эпохи камня, бронзы ранних, средневековых кочевников, поселения, городища и т.д. Материал этой экспедиции ставил вопрос об охране и использовании памятников древности в научных целях.

В 1945 году М.Е. Массон, Е.А. Пугаченкова проводят всестороннее исследование гумбеза Манаса с целью составления проекта для его реставрации. Впоследствии их материалы были использованы при воссоздании этого памятника архитектуры XIV в.

В 1946 г. Б.М. Зима возглавил археологическую экспедицию Киргизского государственного пединститута для изучения наскальных изображений в урочище Саймалы-Таш.

Большое значение в деле улучшения охраны памятников истории и культуры имеет Постановление Совета Народных комиссаров СССР от 14 октября 1948 года. На основании этого документа все памятники материальной и духовной культуры, находящиеся на территории СССР, объявлялись всенародным достоянием и брались под охрану государства. Все они делились на памятники общесоюзного, республиканского и местного значения и их охрана, надзор за их состоянием возлагались на местные Советы депутатов трудящихся. Руководство и контроль за постановкой, учетом, охраной, реставрацией и использованием должны были осуществлять Комитет по делам архитектуры и культурно-просветительские учреждения при Совете Министров союзных республик.

В 1949 году на территории нашей республики работала Тянь-Шаньская археологическая экспедиция под руководством А.Н. Бернштама. Она занималась выявлением, фиксацией и изучением памятников археологии, расположенных на территории Джумгальского района и Иссык-Кульской котловины. На археологическую карту были нанесены памятники древности, которые охватывали хронологические рамки от VII в. до н.э. до X в н.э. В 1950–1952 гг. памятники археологии, изучала Памиро-Ферганская комплексная экспедиция Института истории и материальной культуры и Института этнографии АН СССР. Она обследовала Южный Кыргызстан. Были проведены раскопки в долине реки Сох. Особое внимание было уделено наскальным рисункам Саймалы-Таш. Институт языка, истории и литературы Киргизского филиала АН СССР, при участии Исторического факультета Киргизского педагогического университета, в 1950 году организовали археологическую экспедицию по изучению памятников древностей Чаткальской долины. Она зарегистрировала около 2000 курганов, относящихся ко времени I–VII вв., до 30 тепе I–VIII вв., три городища. На отдельных из них проводились раскопки. Полученный материал лег в основу археологической карты этого региона и установил связь Чаткала с Ферганой и долиной Таласа. На основании Постановления Советов Министров Киргизской ССР, ЦК КП Киргизии и Пленума АН СССР была организована археолого-этнографическая экспедиция, которая занималась вопросами, связанными с этногенезом кыргызского народа. В ее состав входили четыре археологических отряда, два этнографических, один антропологический, группы языковедов и фольклористов. Она работала в течении трех полевых сезонов и ознаменовалась большими открытиями. Палеолитический отряд под руководством А.П. Окладникова зарегистрировал несколько стоянок эпохи камня и сделал важное открытие на берегу реки Он-Арча, где было найдено галечное рубило нижнего палеолита.

На городище Ак-Бешим в 1953–1954 гг. были проведены раскопки шахристана. Особый интерес представляет буддийский храм VII–VIII, христианская церковь VIII в и остатки замка VI–VIIвв.

В 250 метрах к востоку от первого буддийского храма на этом городище Л.П. Зяблин в 1955–1958 гг. открыл и раскопал второй буддийский храм VI–VIIвв. Изучение этих памятников культовой архитектуры дали интересный материал, позволивший воссоздать методы и приемы которыми пользовались средневековые архитекторы. Особый интерес представи-



ли росписи. Они дают материал, позволяющий говорить о древнем искусстве центрально-азиатских народов.

Тянь-Шаньский археологический отряд под руководством А.К. Кибирова изучал памятники Внутреннего Тянь-Шаня. Им было раскопано более 150 курганов с ямными, катакомбными и подбойными захоронениями. Впервые были обследованы древности Сусамырской долины. Зарегистрированы курганы которые датируются III в. до н.э. – XIII в. н.э. Особый интерес представляет поселение на котором были проведены археологические раскопки. Они, на основании полученного материала, позволили датировать этот памятник IX–XII вв.

Памятники Южного Кыргызстана изучали Н.Н. Забелина, Т.Г. Оболдуева, Ю.А. Заднепровский. В восточной части Ферганской долины были открыты крупнейшие античные городища Шурабашат, Дуни-Булак, Кара-Дарьинское.

С 1956 г. Институт истории АН Киргизской ССР проводит многолетние археологические исследования памятников кочевого периода нашей республики. А.Н. Бернштасм исследует древности Алайской долины. Он выявил стоянки эпохи камня и проводил раскопки могильников ранних кочевников.

Памятники юго-западной части Кыргызстана исследует Ю.Д. Баруздин и Г.А. Брыкина. Особый интерес представляет Кара-Булакский могильник, который дал интересный материал о материальной культуре этого региона и его связях с ближними и дальними странами в первые века нашей эры.

Под руководством П.Н. Кожемяко в 1950–1960 гг. работал Таласский археологический отряд, который сделал интересные открытия, относящиеся к эпохе бронзы. Он зарегистрировал памятники этой эпохи в местностях Беш-Таш, Таш-Тюбе и Таш-Башат. Отряд раскапывал могильники, оставленные сакам, усунями, носителями Кенкольской культуры и тюркоязычным населением. Особое внимание было уделено памятникам оседло-земледельческого населения X–XII вв. П.Н. Кожемяко сделал описание 58 городищ и поселений, стен, их планы и заложил раскопы. Полученный материал позволил установить топографию, планировку и фортификацию памятников, оставленных оседлым населением этого региона нашей республики. Особое внимание было уделено Кировскому городищу. На нем проводились стационарные раскопки, давшие богатейший материал о материальной культуре средневековых городов, их торговых связях с регионами Центральной Азии. Таласский археологический отряд уделил большое внимание древним рудникам и шахтам, которые были известны в странах Востока. В них добывалось серебро, золото и другие металлы. М.А. Бубнова выявила и описала 78 рудников, где добывались в средние века полезные ископаемые.

В связи со строительством Токтогульской ГЭС в долине Кетмень- Тюбе с 1958 года до 1973 работала археологическая экспедиция под руководством И. Кожомбердиева. Она раскапывала памятники начиная с эпохи бронзы до позднего средневековья. Особый интерес представляет дворцовый комплекс Акчий-Карасу, который относится к XIV–XV вв. В нем были открыты помещения, украшенные росписями и резьбой.

Д.Ф. Винник в 1959 году приступил к изучению древностей Иссык-Кульской котловины. Им впервые в Кыргызстане были проведены подводные археологические исследования в прибрежной зоне озера Иссык-

Куль, которые выявили затопленные городища в его прибрежной зоне. Этот ученый в Прииссыккулье открыл и зафиксировал около 100 раннесредневековых поселений, раскопки которых дали богатейший материал, имеющий первостепенное значение для воссоздания культуры оседлого населения средневекового Кыргызстана. В местности Торуайгыр им была раскопана средневековая баня, которая датируется XIV–XVвв.

В 1961–1963 гг. Краснореченское городище изучает П.Н. Кожемяко. Этот памятник он продолжает исследовать в 1970 – 1971 гг. Им были открыты жилые и производственные помещения, замки. Особое внимание было уделено буддийскому храму, где выявлены росписи и статуя двенадцатиметрового Будды. Раскопки на этом городище дали богатейший материал, представленный бытовыми предметами, орудиями труда, вооружением, украшениями, монетами и т.д.

Большой вклад в изучение оседло-земледельческих поселений I – XII вв. в Южном Кыргызстане внесла Г.А. Брыкина. Она проводила раскопки на городище Майда-Тепе, Кура-Булак. На них были открыты парадный зал, жилые и хозяйственные постройки, производственные мастерские, изделия из железа, керамика различного назначения, нумизматический материал. Он характеризует культуру и хозяйственную деятельность населения юго-западной Ферганы.

В 1962–1963 гг. памятники сако-усуньского времени на территории Чуйской долины изучает А.К. Абетеков. Этот археолог в течении ряда лет вел раскопки могильника Тунук в Алайском районе Ошской области, изучал курганы в зоне строительства Папанского водохранилища. В 1974 году с Я.А. Шером вел раскопки захоронений ранних кочевников вблизи курорта Иссык-Ата. В 1987–1988 гг. А.К. Абетеков раскапывает могильник Албан - Бугучу, Кара-Сажир, Кум-Добё.

К.И. Ташбаева в 80–х годах XX в. занимается выявлением памятников кочевого населения Нарынского района. В это же время В.Д. Горячева всесторонне исследует Краснореченское городище. Вместе с ней работала Б. Аманбаева. И.К. Кожомбердиев, В.П. Мокрынин изучают памятники в районе города Кара-Балта и местности Жал-Арык.

В 1977 году на Историческом факультете Киргизского государственного университета была открыта кафедра археологии, которая приступила к раскопкам на городище Тюлек, расположенном в Московском районе у слияния рек Ак-суу и Сокулук. С 1980 г. она проводит археологические раскопки городища Кошой-Коргон, которое находится в Ат-Башинском районе, на юго-восточной окраине с. Кара-Су. Одновременно организуется археологическая разведка Нарынской области с целью составления археологической карты этого региона нашей республики. В результате этих работ на учет было взято более 300 памятников древности ранее не известных науке.

Подводя итоги проведения археологического исследования памятников на территории Кыргызстана, следует констатировать, что население древнего и средневекового Кыргызстана создало самобытную культуру, которая говорит о широких связях с народами и странами азиатского континента и входит в состав мировой культуры.

**ПРИМЕЧАНИЯ:**

[1] Абетеков А.К. Исследование Тянь-Шаньского археологического отряда КИАЭ в 1987–1988 гг. //Материалы и исследования археологии Кыргызстана. – Бишкек, 2009. – С. 9–25.



[2] Арбузова Р.И. Социалистическое государство – организатор охраны памятников истории и культуры//Памятники Киргизстана. – Вып. I. – Фрунзе, 1970. – С. 18.

[3] Баруздин Ю.Д., Брыкина Г.А. Археологические памятники Баткена и Лейляка. – Фрунзе, 1960.

[4] Бернштам А. Историко-археологическое прошлое Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского канала. – Фрунзе 1943.

[5] Бернштам А.Н. Историко-археологический очерк Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая. МИА 26. – М-Л., 1952. С. 50–68.

[6] Бернштам А.Н. Древний Тянь-Шань//Краткие сообщения Института истории материальной культуры XXXVIII. 1951. – С. 140–144.

[7] Бернштам А.Н. Наскальные изображения Саймалы- Таш//Советская этнография. – 1952 – № 2.

[8] Брыкина Г.А. Карабулак. – М., 1970.

[9] Бубнова М.А. Добыча серебро-свинцовых руд в Шельджи в IX–XIIвв. //Археологические памятники Таласской долины. – Фрунзе, 1964. – С. 225–262.

[10] Воеводский М.В., Грязнов М.П. Усуньские могильники на территории Киргизской ССР //Вестник древней истории. – 1938. – № 3. – С. 162–179.

[11] Винник Д.Ф. Пятьдесят лет советской археологии в Киргизии //Советская археология. – 1967. – № 4. – С.

[12] Винник Д.Ф. К исторической топографии средневековых поселений Иссык-Кульской котловины //Древняя и раннесредневековая культура Киргизстана. – Фрунзе, 1967. С. 83–84.

[13] Заднепровский Ю.А. Археологические памятники южных районов Ошской области. – Фрунзе, 1960. – С. 16–43.

[14] Заурова Е.З. Раскопки на городище Акчий // Кетмень-Тюбе. – Фрунзе, 1977. С. 106–128.

[15] Зима Б.М. Избранные научные труды по истории Компартии Киргизии и истории Киргизской ССР. – Фрунзе, 1982. – С. 7.

[16] Зяблин А.П. Второй буддийский храм Ак-Бешимского городища. – Фрунзе, 1961.

[17] Иванов П.П. Материалы по археологической котловине Иссык – Куля // Тр. Института истории АН Киргизской ССР, – 1957. – III. – С. 65–69.

[18] Кибиров А.К. О некоторых итогах обследования Сусамыра //Труды Института истории АН Киргизской ССР. – I. – 1955. – С. 3–19.

[19] Кибиров А.К. Археологические памятники Чаткала//Труды ИЯЛИ Киргизской АН СССР. Вып. 5. – Фрунзе, 1956. – С. 125–130.

[20] Кибиров А.К. Археологические работы в Центральном Тянь-Шане 1953–1955гг.// Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. – Т.II. – М., 1959. – С. 3–138.

[21] Кожемяко П.Н. Погребения эпохи бронзы в Киргизии//Известия АН Киргизской ССР. Сер. Обществ. наук. – I-II. 1960г. – С.81–109.

[22] Красная речка, Бурана. Фрунзе, 1986.

[23] Кызласов А.Р. Археологические исследования на городище Ак – Бешим в 1953–1954 гг. // Тр. ККАЭЭ. – Т. II. 1959. – С. 155–241.

[24] Массон М.Е., Пугаченкова Г.Н. Гумбез Манаса. – М., 1950.

[25] Мокрынин В. Археология и история древнего и средневекового Кыргызстана. – Бишкек, 2010. – С. 224–239.

[26] Москалев М.И. 70 лет археологии. Факультет истории и регионоведения RYE им. Ж. Баласагына // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Сер. 1. – Вып. 7. Бишкек, 2008. – С. 98–102.

[27] Постановление Совета Народных Комиссаров от 14 октября 1948 г. // Сборник законодательных актов по охране памятников истории и культуры. – М., 1960.

[28] Окладников А.П. Археологические исследования в Киргизии. //Вестник АН СССР.– № 9. – 1954. – С. 50–55.

[29] Окладников А.П., Рацек В.И. Следы древней культуры в пещерах Тянь – Шаня // Известия Всесоюзного географического общества. – 1954. – Т. 86, Вып 5. – С. 447–452.

[30] Ранов В.А. Находки каменного века в Алайской долине // Тр. Института истории АН Киргизской ССР. – IV. – 1959. – С. 186.
[31] Ташбаева К.И. Археологические памятники ранних кочевников Тянь-Шаня // Древний и средневековый Кыргызстан. – Бишкек. 1996. – С. 42–65.
[32] Тереножкин А.И. Археологические разведки по р. Чу в 1929г. //Проблемы истории докапиталистических обществ. – 1935. –№ 5-6. – С. 139–150.
[33] Умняков И.И. Архитектурные памятники Средней Азии. – Ташкент, 1929. – С. 49.
[34] Шерстобитов В.П., Орозалиев К.К., Винник Д.Ф. Очерк истории и исторической науки в Советском Киргизстане (1918 – 1960). Фрунзе, 1961. – С. 41.



*А. Ш. Турдумамбетов*

## Кыргыз элинин согуштук курал-жарактары жана кийим-кечектери

Кыргыз элинин аскердик жоо-жарактары менен кийим-кечектери элдик дастандардын түпкү нускасында болуп корбогондой сүроттолот. Деgеле аскердик курал-жарактар менен жоо кийимдерин адеп карай турган болсок, ал: **1) согуш майданында жакынкы аралыкка колдонуулучу куралдар, 2) алыскы аралыкка таасир берүүчү куралдар, 3) ок атуучу куралдар, 4) душманды оор жана жеңил жазалоочу куралдар, 5) душман соккусунан коргонуучу кийимдер деп өзгөчө тартипте берилет.** Жоодо бетме-бет согушуу учурунда канжар, тинте, алты курч, зулпукор, ач болот, кыл болот, жойкума, ач албарс, нар кескен, айбалта, күрсү, сүнгү, мукабүл найза, түпоктүү найза, чоюнбаш, тор сыяктуу куралдар колдонулуп келген. Албетте, ар бир жакынкы аралыкка колдонулуучу куралдардын өз тарыхый таржымалы, жоокердик өнордо ээленген орду бар.

Кош миздгг келген, кооз кыны бар, болоттон жасалган өтө курч, бетме-бет душмандардын салгылашында колдонула турган куралдардын катарында ***«канжар»*** турат. Анын аталышы биздин элдин тилине арабчадан оошуп келип, баатырлардын коргонуу куралынын жеке атына айланган. Элдик дастандардан канжар бир гана уруш маалында гана эмес, ар бир адам аял-эркек дебей жанына жолдош катары алып жүрүшү менен да мүнөздолот. Ал эми согуш маалында анын касиети мындайча сгроттолот:

Канжарлуу канжар алышты,
Капташып кетип эки кол,
Кайрыла албай калышты.[1]

"Манас" эпосунда канжардын бир түрү – ***«тинте»*** деп аталуучу курал эскерилет. Окумуштуу И.Б.Молдобаевдин оюу боюнча, бул сөз башка түрк тилдүү элдердин тарыхында кездешпейт, демек ал кыргыз тилине гана таандык.[2]

***«Тинте»*** деп аталган куралдын тарых-таржымалына кайрылсак, элдик дастан боюнча, аны аял киши алып жүрүүчү куралдардын бирине кийирсек болот. Бирок, куралдын негизги милдети – жоодон коргонуу гчгн жоокерлердин алдыңкы катардагы шайманы экенин баса белгилей кетүү керек.

Кыргыз элинин жоокердик дастандарында курал-жарактардын сыйкырдуу жол менен ар бир баатырдын колдоруна келип түшүп, энчилүү болуп калышы негизги ролду ойнойт. Алардын бири ***«алты курч»*** Манас жана анын жакынкы башкы чоролоруна асмандан керемет жол менен түшконг мындайча сүроттолот:

Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кыл мыктысы.
Манас алган зулпукор,

**Турдумамбетов А. Ш.** – КР ИУАнын Тарых жана маданий мурас институтунун аспиранты, КР Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясынын А. Токтоналиев атындагы Финансы-экономикалык техникумунун окутуучусу

Ажыбай алган ач болот,
Бакай алган кыл болот,
Алмамбет алган жойкума,
Чубак алган ач албарс,
Сыргак алган нар кескен,
Алты болот курч ошол,
Ачуусуна тийгенде
Ааламды бузган мглк ошол.[3]

Башкача айтканда, айтылуу ***«алты курчтун»*** аты айтып тургандай, алты мыкты баатырдын керт башына таандык мүнөздөмө берип тургандай. Ал эми куралдын өзү эле алты баатырдын курч мүнөзүндөй, жоодо душмандын жекеме-жеке күчүн алсырата тургандай маанини бере алат.

Жоокердик куралдардын копчглгг жеке баатырдын өзгнө таандык болуп чыгышы, бардык элдик дастандарга ыйык деп сыпатталат. Муну менен жоокер куралынын улуулугун, сын сапатын өзгөчө баалап, ал тургай аны түбөлүк жан шеригине айлантканы шексиз. Баатырдык чыгармалардын көпчүлүгүндө араб сөзүнөн ***«аркалуу»*** дегенди түшүндүрүп, мусулман уламыштары боюнча Мухаммед пайгамбар өзүнүн күйөө баласы Азирет Аалыга берген укмуштуу кылыч ***«зулпукор»*** да кыргыз элинин жоокердик куралдарынын бири болуп эсептелет. Ал эки миздүү, учу эки ача, көтөрүп жүрүүдө жеңил жана бекем болушу учун ортосуна жаныбардын кыр аркасын элестеткен ою салынып, өзгөчө ыкма менен жасалышына баа берилет.

Эл оозунда ***«наркеске»*** аттуу Манас баатырдын энчилүү кылычынын түрү бар. Баатырдын наркескен кылычын байланып, арстан сымал сргг менен казатка чыгышы, ал жоокердик куралынын, демге-дем берип турары байкалат. [4]

Дегеле жоокердик куралдардын ичинен кылычтын кандай гана түрү болбосун, анын жасалышына өтө зор маани берилип, чапканда кесип же тешип кетүүгө ыңгайлаштырган, өткүр миздүү болуп чыгышына, алып жүрүүдө баатырдын сүрүн жашырбайт, керек болсо асем кооздолушуна да маани берилген. Ал тургай, кылычтын касиети атадан балага мурас болуп берилиши менен өткөндөн эстелик мурас катары берилүүчү, жөнөкөй адам колун тийгизип кармоого даай албагандай сыры да болгон. Ал эми байыркы мезгилдерден бери далай элдин тарыхында согуштук бетме-бет салгылашууларда керектелүүчү ***«айбалта»*** колдонулуп келген. Айбалтанын аты эле айтып тургандай курч темирден жарты ай сымал жасалып, сабы кайыштан бүлдүргү тагылып бекемделет. Айбалтанын касиети элдик дастанда башынан аяк жасалышынан анын колдонулушуна чейин мыкты сүрөттөлөт.[5] Мындан тышкары, жоокердик курал-жарактардын ичинен, душмандарга оор сокку берүү үчүн колдонула турган ***«курсу»*** же ***«чоюбаш»*** деп аталган шаймандар да баяндалат. Куралдын башына чоюн уютулуп жасалган чокмор жоокердин колунан абалактай ойноп, тийген жерин сындырып, талкалап кете берери айдан ачык. Башкача айтканда, бет мандайында турган душмандын быт-чытын чыгарып эсин оодарууга колдонулган.[6]

Кыргыз журтунун аскердик тарыхында жогоруда көрсөтүлгөн курал-жарактардын түрлөрү, дүйнө элдеринин тарыхында да башкача аталыштары менен белгилүү болуп келген. Биздин элдин жашоосунда мындай куралдардын келип чыгышы, бул Ата Мекенин коргоодо, жоокерлердин



колуна коргонуу менен жеңиш алып келүүнүн үмүт берген шаймандарына айланганы бышык. Мисалы, душман менен согушканда же жарашууда, эки тарап жекеге чыкканда, кыргыз элинин жоокердик куралы ***«найза»*** согуштук куралдардын бири деп эсептелген. Аталган курал аскерлердин ар биринин колунда сөзсүз болушу абзел. Найза баатырлардын колуна узун жумуру жыгач менен сапталган учтуу өзөктөн, темир миздүү канатчалардан туруп сайганда кесип кетүүгө ылайыкташтырылган. Эл оозунда мындай найзанын түрүн ***«каргай найза»*** деген ат менен согуштук майданда ар бир аскердик кошуун, душманын айырмалаш үчүн ар кандай өңдөгү ***түпөктүү, желектүү, мубакулдуу*** найзаларды камдашып, аны жыгач менен темирдин ашталган жерине бекитишкен. Эл оозунда найзанын байыркы аталыштарынын бири ***«сүңгү»*** деген түрү менен таанымал болуп келген. Аны байыркы түрк жазма эстеликтеринин текстинде белгилүү түрколог С. Е. Маловдун изилдөөлөрү боюнча баа берүүгө болот.[7]

Найзанын байыркы түрүнүн бири сүңгү кыргыз элинин кичи жана улуу дастандарынын саптарында кездешет. Анын жасалышы менен турган турпаты жогоруда көрсөтүлгөн куралдардан айырмаланып, анын учтуулугу, карагай сымал жасалгалоосу менен колдонулушу бир-бирине куп жарашып тургандай элес калтырат. Найзанын бул түрү Манас эпосунда төмөндөгүчө чагылдырылат:

«Карагай найза сгнггнг
Карыга илип алганы,
«...Карагай найза сгнггсгн
Калмактардын жонуна
Аштап кетип баратыр.»[8]

Ал эми найзанын дагы бир касиети ат үстүнөн сайышууга ылайыкташтырылып жасалган курал гана эмес, бул куралдын баалуулугу адамга карата бийликтин символу катары да берилет. Мисалы, Манастын сырнайзасы, баатырдын энчилүү жоо куралы болуп, аброюнун улуулугун даназалай тургандай, жасалышына, сапатына, кооздолушуна өзгөчө көңүл бурулган. Дастанда айтылгандай сырнайза казат маалында, аскер кошуунунун туусу менен бирге жоокерлердин алдында жүрүп, баатыр көзү өтүп кетсе ***«аза туусу»*** байланып, ак ордонун жанына тигилген.

Найзаны жасалгалоодо жогоруда маалым болгондой ***«түмөктүү», «желектүү», «мубакул»*** найза деп карадык. ***«Түпөктүү»*** деп аталышы анын жыгач менен темирдин ашталган жерине жылкынын жалын же болбосо топоздун куйругунан кошо түйүп бекемделип жасалган найзанын бир тргн айтсак болот. Мындай аталыш К. Юдахиндин сөздгггндө да таасын берилет.[9] Ошондой эле кытай булактарынан алып карасак, найзанын учуна желек бекитилип жасалган.[10] Тагыраак айтканда, мындай ***«желектүү найзалардын»*** келип чыгышы, согуш маалында душманды ажыратып билүүдө колдонулса керек. [11](Худяков, 1980, – С. 62). Ал эми мындай ***«желектүү найзага»*** кызыл же жашыл түс колдонулушу мүмкүн.[12] (Кюнер, 1961, – С. 60). Ушул эле жерден элдик дастанда ***«мубакул найзанын»*** да берилиши өзгөчө орунду ээлейт. Аталган курал араб тилинен кгчтгг, айбаттуу деген түшүнүк берип, анын Манас баатырдан уулуна мурас катары калганы сүрөттөлөт. [13] Жалпы жолунан найза согуштук куралынын илимий жактан иликтениши В.В. Бартольддун, В.В. Радловдун, В.П. Левашованын, Л.А. Евтюхованын, С.П. Киселевдун, Л.П. По-

таповдун, В.Г. Карцованын, Л.Г. Нечаеванын, Я.И. Сунчугашыванын, Н.А. Мальцеванын, Л.Р. Кызласовдун, Н.Д. Архиповдун эмгектеринде каралган.[14]

Жоокердик алдыңкы катардагы куралдарынын бири ***«жаа»*** алыскы аралыкка таасир берггчг шаймандардын катарына кирет. Жаанын касиети адамзат тарыхынын бардык согуштук мамилелеринде, мергенчиликте, ар кандай мелдештерде кеңири колдонулуп келет. Жаанын өз ара жөнөкөй жана татаал тгрлөрг менен өзгөчөлөнгп турушу анын жеке сапатын арттырат. Кыргыз элинин колдонгон жоокердик жаа куралы, жасалышы жагынан кытай, монгол, араб элдерине мүнөздүү татаал түрүнө кирет. Эгерде жөнөкөй жаа тептирги, жыгач, жебе, саадак деген бөлүктөрдөн турса, татаал түрүн жасаганда жыгачынын сырт жагына майда таралган тарамышты жыш желимдеп, ич жаккы бетин жука мүйүз менен каптап, эки четине жана ортосундагы кармоочуна сөөктөн эн кыят. Жаа тарыхта ортоңку таш доорунан баштап, дүйнө элдеринде ыйык согуштук курал катары колдонулуп келүүдө. Элдик “Манас” дастанында анын чоролору Көкөтөйдгн ашында жаа атуунун мыкты үлгүсүн көрсөтүшөт.

Шарт этип саадак тартылды,
Инөрү журттан артылды.
Саадактын огу жеткени
Бөркүнө таккан чокуну,
Үзгөн бойдон кеткени.[15]

Албетте, элдик дастандарда жаа атуунун касиети апыртылып сүрөттөлгөнү менен, көчмөн кыргыздардын жашоосунда бул курал жашы жетелек жаш улан кезинен колго алынып, тажрыйбаны мол топтоого кудурети жеткен, жаа менен токойдогу майда жапайы жаныбарларды, учуп бара жаткан куштарга жааны мээлеп өз ара машыгууларды өткөрүшкөн. Мындан соң кыргыз элинин арасынан көзгө атаар мергенчилер, жоодо мыкты жаачылардын катары толукталган.[16] (Абрамзон С. М. Черты военной организации и техники у киргизов, стр.167-180).

Жаанын жасалышы менен колдонуунун мыкты сырлары кыргыз элинин кенже дастандарында да баяндалат. Мисалы, «Карач доо менен Эр Эшимдин» баянында жаанын огу тууралуу айтылат. Мыкты баатыр катары күн мурун, казатка чыгуунун алдында жаа окторунун сарамжалдуулыгы кыргыз элинин аскердик жактан даярдык көргөнүн бир бутагы катары эсептесе болот.

... Жайы кышы түгөнбөс
Жаанын огун камдатып.[17]

Аталган куралдын улуулугу кыргыз дастаны «Жоодарбешимде» да баатырдын жолдош куралдарынын бири катары сыпатталат.[18]

Ал эми эл оозундагы «Жаңыл Мырза» тууралуу кеп кыла турган болсок, ал согуш кийимин кийинип, чачын төбөсүнө түйүп, үстүнөн баса согуш тебетейин кийип, атын бекем токунуп, саадагын байланып, окторун асынып, ары-бери атырылтып чуу коюп, кара аттан көк көбөк чыгып тердеген кезде «бириңер бөркүнөрдү асманга ыргыткыла!» деп, кыздарга айтканда, бир кыз тебетейин көккө ыргыткан. Жаңыл Мырза жерге түшүрбөй атып туруп, тебетейди жүн кылып түшүргөн. Аткан огун жерге



түшүрбөй улам илип алып, кайта атып турган.[19] Тагыраак айтканда, көчмөндөр арасында жаа атуунун усталарын сый урмат менен карашкан. Ошондой эле согуш маалында жаачылар алды-артындагыларга тоскоол болбош үчүн аралыкты бекем, өз ырааты менен сакташкан.[20]

Жаанын жасалышына карай мүйүздөн куралыштырылып куралганы ***«мүйүз жаа»*** ал эми кээ бири ***«тарамыш жаа»*** деген атка конгон. Жасалышынан анын жоокердик курал катары аткара турган жеке сапатына байланыштуу энчилүү аттарына ээ. Мисалы, кыргыз элинин оозеки булагында ***«аленгир жаа»***, деген түрү кездешип, ал тийген жерди кыйраткыч күчкө ээ болгон. Манас дастаны боюнча карай турган болсок, башкы каармандын душманы Жолойдун кылычы да ***«аленгир кылыч»*** атына ээ. Демек, аталган жаанын бул түрү бекеринен мындай аталбаса керек.[21]

Ал эми жаанын огу, жебе кыргыз жоокерлери тарабынан ийилчээк табылгы, ыргай сыяктуу жыгачтан жасалат. Анын учуна коло, коргошун, темир, жез кийгизилип, муну колок же кыма дешкен. Душмандардын тийген жерин тешип өтүүгө ылайыкташтырылып, эки, үч, төрт кыр чыгарылган. Эл оозунда аталган жебеге ***«бөрү тил»***, ***«ышкырык»***, ***«канаттуу жебе»*** деп бөлүнгөн. Жоодо, айрыкча жебенин учуна өтө көп көңүл бурулуп, ***«бөрү тил»*** сыяктуу жебелердин учун ууга сугарышып, жарадар болгон душмандын жаратын ырбатуу үчүн колдонулган. Мындан сырткары чабуул учурунда душмандардын үрөйүн учуруу үчүн же аскерлерди жыйноодо зор милдет аткарган. Жебенин канаттуу түрү, ал көздөгөн тактыкка жана аралыкка учушу үчүн канат менен бекемделген.[22]

Кыргыздардын оозеки жана жазма булактарында аскердик ок атуучу куралдардын бир канча түрү сгрөттөлөт. Алар, ак келте, жазайыл, койчагыр, чотала, баран, очогор, тоо мылтык, чогоол, күлдүр мамай, үркөрбоо, замбирек, топ, бор жана башка түрлөрү кездешет. Аталган куралдын биздин Борбордук Азиянын кеңири аймагына жайылышы ойрот-калмактардын учуру, андан соң Кокон хандыгынын тарыхы жана Орусия падышачылыгынын мезгили менен байланыштуу деген тыянакка келсек болот.[23]

Алардын ичинен ***«Ак келте»*** Манас баатырдын энчилүү мылтыктарынын бири болгон. ***«Ак келте»*** дастанда баяндалгандай, өзгөчө сыйкырдуу күчкө ээ болуп, согуш болоор алдында илинип турган жеринен өзү атылып, оозунан кан таамп калган. Мылтыкка ***«ак»*** деген сөз менен ат берилиши, түркий тилде сүйлөгөн элдердин тарыхында ыйык тутулушунан улам, жоокерлердин акжолтой куралы болуп, согуш маалында дайым жеңишке жеткизерин билдирген.

Ал эми ***«Жазайыл»*** мылтык, кыргыздардын жоокердик куралдарынын катарына араб тилинен оошуп келип, таржымалы боюнча Алжирден чыккан мылтык деген ат менен XVII кылымдан баштап, Алдыңкы Азия аркылуу Борбордук Азия калкына тараган. Жогорудагы куралдардан айырмаланып, кыргыз элинин жоокердик куралдарынын ичинен мылтык жана замбирекке берилген энчилүү аты катары ***«күлдүр мамай»*** жана ***«чотала мылтык»*** белгилүү. Кыргыз элинин тарыхында ***«күлдүр мамай»*** аталганы, уйгур тилинен добуул, чагылгандай үнү күркүрөп атылышы менен мүнөздөлөт:

Күлдүр мамай мылтыкты
Күркүрөтө аттырып.[24]

Чоталаныкы болсо, аты айтып тургандай гнг топулдап тгшкөн мөндгрдөй болуп угулушунан улам мындай аталышка ээ болгон. Аталган жоо куралы, замбирек катары перс

тилинен түзмө-түз алганда төөгө жүктөлүп жүрүүчү кичине замбирек маанисин берет. Айрым учурларда аны «төө мылтык» деп атаса да болот.[25]

Монгол тилинен келип чыккан, кыргыз жоокердик куралдарынын ичинен *«үркөр боо»* замбирегинин түпкү мааниси, өгүзгө жүктөлүп жүрүүчү деген түшүндүрмөнү берет. Тагыраак айтканда, көчмөнчүлүк турмушта ок-дары, курал-жарактарды ташып жүрүүдө унаа милдетин жылкы тукуму, төө, өгүз жаныбарлары негизги милдетти аткарышкан. Ошондуктан, ар бир куралдын уңгусу же мүчөсү көчмөндөрдүн мал-жанынын аты менен байланышта болуп келген.

Курал-жарактардын атылма тобуна ***«бор, топ, абзел»*** деп аталуучу замбиректердин түрлөрүн, кыргыз фольклорунда кезиктерсе болот. *«Бор»*, согуш куралынын атылма түрүнүн, замбирек сыяктуу найы узун алыскы аралыкка атыла тургандардын катарын ээлейт. Аталган курал согушуп жаткан эки тараптын бир-биринин күчүн жок кылууга арналгандыгы эпосто: ***«кез-кез жерде бор атып»*** деген саптар менен сүрөттөлөт. Ал эми ***«топ»***, айрым учурларда замбиректин огу катары колдонула берет. Мисалы ***«Жазайыл мылтык тобундай»*** деген саптардын мааниси замбиректин огу катары айтылат.[26] Булардын ичинен ***«абзел»*** замбиреги согуш маалында, жоокерлерди бир ыраатка чогултуу үчүн дагы колдонулган.[27] Негизинен ок атуучу куралдардын мындай түркүмдөргө бөлүнүшү, кыргыздардын жоокердик күчүнөн кабар берет.

Мындан сырткары, монгол тилинен *«ак жөкөр»*, *«кой чагыр»*, *«очогор»* мылтыктары маалым. Дастанда:

Асынды мылтык Акжөкөр,
Очогор мылтык жонунда.[28]

Мылтыктын ***«жөкөр»*** аталышы, монгол тилинен ***«нөкөр»*** же ***«жолдош»***, ***«чоро»*** дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, кыргыз элинин жоокердик жашоосунда ар бир аскер куралын урматтоо менен жоро-жолдошундай мамиле кылган. Тагыраак айтсак ***«Ак жөкөр»***, бул ишенчиликтүү, адилеттүү, жолдош катары баа берилген мылтыктардын бири болуп эсептелет. Монгол тилинен келип чыккан ***«кой чагыр»*** жана ***«очогор»*** мылтыктары милтелүү мылтыктардын катарын толукташкан. Булар менен дагы катар милте менен от алдырган сайлуу мылтыктын бир түрү ***«бараң»*** деп аталат. Элдик дастанда ал ***«ак бараң»***, ***«сыр бараң»*** деген ат менен араб-иран тилинен келип чыгып, тгпкг теги ***«франк мылтыгы»*** менен байланышып, түндүк Африка аркылуу Алдыңкы Азияга, ошондой эле Орто Азияга таралып жоокерчилик менен аңчылыкта колдонулган.

Демек, кыргыз элинин жоокерчилик заманында колдонулган жоо шаймандары, элдик дастандарда керемет сүрөттөлүп, келечек муун үчүн түбөлүктүү мурас катары кала бермекчи.

**КОШУМЧА ТҮШҮНҮКТӨР:**


1 Манас. С.Орозбаков. – 2-китеп. – 139-бет.
2 Молдобаев И.Б. Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов.– Б.,2004. – С.108.
3 Манас. С.Каралаев. 1-китеп. – 68-бет.
4 Манас. С.Каралаев. 2-китеп. – 210-211- бб.
5 Манас. С.Орозбаков. 2-китеп. – 82,88.-бб.
6 Малов М.Е. Памятники дрвнетюркской письменности. – М. - Л.,1951. – С.28,35.





7 Манас. С.Орозбаков. – 1-китеп. – 148-б.
8 Юдахин. К.К. Киргизско-русский словарь. – М.,1965. – С.782.
9 Бичурин 1950, Ч.1.С.352.
10 Худяков. Ю.С. Вооружение енисейских кыргызов VI–XII вв. – Новосибирск, 1980. – С.62.
11 Кюнер, Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. – М.,1961. – С.60.
12 Юдахин К. К. ... – 535-б.
13 Худяков. Ю. С. ... – С.51.
14 Манас.С.Каралаев. – 3-китеп.171-б.3-китеп.
15 Абрамзон С.М.Черты военной организации и техники у киргизов. – С.167-180.
16 Карач доо, Эр Эшим./А.Акматалиевдин ред.астында. – Бишкек. – 2003.75-б.
17 Жоодарбешим:Эпос./А.Акматалиевдин жалпы ред.астында. – Бишкек. – 73-б.
18 Солтоноев Б.Кызыл кыргыз тарыхы. – 1-китеп. – Бишкек,1993. – 112-б.
19 Кушкумбаев А.Военное дело казахов. в XVII-XVIII веках. – Алма-Ата. – С.58.
20 Алымкулов Н.Тимур –продолжатель военных традиций Чингисхана-чингизидов// Центральная Азия и Культура мира. – Бишкек,2003. – №1-3. – С.15-16.
21 Молдобаев. И. Б. ... – С.115.
22 Там же. – С.116.
23 Валиханов Ч.Ч. Вооружение киргизов в древние времена и их военные доспехи // Собр.сочинений. Алма-Ата., -Т.4 С.35-39.
24 Манас.С.Орозбаков, 1-китеп, 217-б
25 Манас.С.Орозбаков ,3-китеп,165-б.
26 Манас.С.Каралаев .1-китеп.14-б.
27 Жирмунский В.М.Введение в изучение «Манас»-Фрунзе,1948,С.44
28 Манас.С.Орозбаков 3-китеп.1981.237-б

*Д. Т. Молдокулова*

## Кыргыздардын турмушундагы малга байланышкан тыюулар, ишенимдер

*Макала автордун Кыргызстандын Ысык-Көл, Талас, Нарын аймактарынан чогулткан этнографиялык талаа материалдарынын негизинде жазылды.*

Кыргыздар жылкы, уй, төө, кой, эчки, топоз сыяктуу чарбасында урунушкан жаныбарларды жалпы жонунан ***«мал», «төрт түлүк»*** деп атап, аны өз кезегинде ***«кара мал» же «бодо мал»*** жана ***«майда жандыкка»*** бөлүшкөн. Мында жылкы, уй, төө, топозду ***«кара», «бодо»*** же ***«бодо мал», «кара мал»*** деп аташып, майда жандыкка кой, эчкини киргизишкен[1].

Бирок, белгилей кетчү нерсе, К.Юдахиндин сөздүгүндө бул түшүнүктөргө кара мал – ***«крупный рогатый скот и верблюды»***, бодо мал ***«все виды крупного скота»*** деген түшүндүрмө берилген[2].

Турмуш-тиричилиги дээрлик мал чарбачылыгына көз каранды болгон көчмөн кыргыздарда ***«мал», «ырыскы»*** түшүнүктөрү көбүнчө бир мааниде каралып келген. Бул малга карата колдонулган тыюулардан даана байкалат. Алсак, кыргыздарда малды тепкенге, башка чапканга жана катуу сабаганга тыюу салышкан. Малды тепкен адам ырыскысын тебет, ***томаяк*** болуп калат деген ишеним болгон[3]. А түгүл кыргыз баласы бири-бири менен жолукканда ***«Мал-баш аманбы», «Мал-жан аманбы»*** деп, сөздү биринчи малдан башташкан.

***Жылкыга байланышкан тыюулар.*** Төрт түлүктүн ичинен кыргыз баласы жылкыга өзгөчө көңүл бөлүп, ага башка малдарга салыштырмалуу өтө аяр мамиле жасашкан. Жылкы – кыргыздардын турмушунда эң баалуу жаныбар болуп эсептелинип, ал кыргыз баласынын жашоосунун бардык этаптарында – төрөлүү, тарбиялоо, үйлөнүүдө жана каза болгон мезгилде өткөрүлүүчү бардык каада-салттардын, ырым-жырымдардын ажырагыс катышуучусу болгон[4]. Кыргыздардын жылкы баласына болгон мындай жакындыгын, Н.Смирнов өз эмгегинде төмөндөгүдөй белгилеп кеткен: *«Атсыз кыргыз болбойт, тактап айтканда, андай болушу мүмкүн эмес, анда ал – кыргыз эмес»*[5].

Кыргыздардын жылкыга болгон мамилеси элдик макал-лакаптарда да кеңири чагылдырылып калган. Мисалы: *«Ат – адамдын канаты», «Акыр заман кайда – аттан ажыраган жерде», «Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны», «Аргымактын жакшысы чапса – күлүк, сатса - пул», «Ат, аттан кийин жат», «Ат сыйлаган жөө баспас, эр сыйлаган эшикте калбас», «Аты жоктун буту жок», «Жылкы – берен, жылкыны баккан - эрен», «Ат муратка жеткирет», «Жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта», «Эрдин аты эрге тең»*[6] *ж.б.*

Кыргыздардын жашоосунда жылкыга байланышкан көп сандаган ырым-жырымдар, тыюулар жана ишенимдер колдонулуп келген. Алар башка малдарга салыштырмалуу арбындыгы жана көп түрдүүлүгү менен айрымаланат. Муну да элибиздин жылкыга болгон өзгөчө мамилесинин дагы бир мисалы катары карасак болот.

---

**Молдокулова Д. Т.** – И. Арабаев атындагы КМУнун Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультети



Кыргыздарда жылкыны камчы менен башка чабууга тыюу салышкан. Ал эми бөтөн бирөөнүн атын башка чабуу, анын ээсин чапканга тете болгон[7]. Ошондой эле, ат минип турган адамга анын жалына бутун коюуга тыюу салынган. Буга жылкынын жалы ыйык, анда периштелер жүрөт деген элдик ишеним себеп болгон[8].

Катуу сакталган адат боюнча, кыргыздарда аял киши атка жайдак минбей, сөзсүз түрдө ээр токулган атты минүүсү керек деп эсептелген[9]. Анткени, элибиздин салттык этикетинде аял кишинин жайдак атка миниши, атайын бир маанини билдирип, кээ бир жүрүм-турум нормаларына каршы келген. Тактап айтканда, кыргыздарда нике шартын бузган аял кишини жазалоонун бири – атка жайдак мингизип төркүнүнө жеткирип салуу эсептелген[10].

Кыргыздарда минип келе жаткан атынын басыгы аркылуу көп нерсе түшүндүрүлгөн. Мисалы, кудалашкан кызын көргөнү келген жигит экинчи же үчүнчү жолку келгенинде кыздын айылына атын таскактатып жакындаса, бул ал бир нерсеге наразы же кыздын ата-энесине ачуулуу же кудалыкты үзүүгө келгендигин түшүндүргөн[11]. Конок айылга кирип келе жатканда минип келе жаткан атынан түшүп, жөө басып кирген. Айылга атты чапкан боюнча же чуу коюп кирип баруу адепсиздикти, тарбиясыздыкты көрсөткөн. Минтип өзгөчө учурларда, көбүнчө жаман кабар менен келе жатканда гана кирип барышкан[12].

Кыргызда *күлүк ат* – үй-бүлөнүн гана эмес, уруунун байлыгы болуп эсептелинип, уруулук чатактар, калың, кун сыяктуу маселелер күлүк ат тартуулоо аркылуу да чечилип келген. Чабылып жүргөн күлүк атка аял кишини мингизгенге, өлүк жүктөгөнгө, жүк артканга жана киши учкаштырганга тыюу салышкан[13]. Негизинен кыргыздарда чаап жүргөн аялуу күлүккө ар бир эле адамды мингизе берген эмес. Өзгөчө ат суутулуп жаткан мезгилде аны аттын ээси, чаап жүргөн чабандес бала жана сууткан саяпкери гана минүүгө укуктуу болгон[14].

Мал ээси күлүктүн жеке өзүнө гана эмес, аны кармаган короо-жайга да өзгөчө маани берген. Тапталып жаткан күлүк атты кармаган жайды таза кармап, бейчеки кишини киргизген эмес. Көз тийүүдөн сактайт деген ишеним менен, анын жалына же куйругуна адам көрбөгөндөй кылып, көз мончок, тумар тагып коюшкан[15]. Ал эми ат чабылаар мезгил болуп, чабылуучу күлүктү токуп жатканда маңдайына адам тургузган эмес. Ошондой эле багы, жолу кесилип калат деген ишеним менен, күлүк атты чабылуучу жайды көздөй жетелеп же минип келе жатканда алдынан адам же жаныбарды кыя өткөзбөгөнгө аракет кылышкан[16].

Күлүк аттын ээси жана саяпкери атты таптап жаткан мезгилде жүрүм-турум эрежелерин катуу кармоого тийиш болгон. Алар бул мезгилде калп айтканга, ичимдик ичкенге, бирөөнү алдаганга, акысын жегенге жана бирөөгө карасанатайлык жасаганга тыюу салынган. Ат ээсинин аялы жана башка үй-бүлө мүчөлөрү дагы жогоруда келтирилген адеп эрежелерин сактоосу зарыл болгон[17].

Кыргыздарда жаңыдан сатып алган күлүк аттын туңгуч байгесинен, жаңы алган мылтык менен атып алган туңгуч олжосунан, жаңы алган бүркүттүн туңгуч аңынан жанындагыларга берген эмес[18]. Адат боюнча күлүктүн байгесинен ат ээси жакын туугандары, байгенин катышуучуларына байгеден бир аз таратып берген.

Маалымат топтоо мезгилинде эл арасынан *«сетер жылкы»* деген түшүнүктү кездештирдик. Информаторлордун маалыматы боюнча *«сетер*

*жылкы»* – ашка союулууга арналып, куйрук-жалы кыркылып, жайлоого ээн коё берилген жылкы. Аны үйүрдөгү башка жылкылардан айрымалантып, көкүлүн ак чүпүрөк менен түйүп койгон. Сетер жылкыга көпчүлүк учурда каза болгон адамдын көзү тирүүсүндө минип жүргөн аты же жакшы көргөн жылкысы тандалган. Аны минип же чарбага урунууга жана уурдаганга тыюу салынган. Кыргыздарда аны уурдаган адамга жамандыгы жугат, кырсык болот деген ишеним өкүм сүргөн[19] . Ал эми сөздүн маанисине көңүл бөлсөк, К.Юдахиндин сөздүгүндө *«сетер – то же, что ыйык»*[20] деп аныктама берилсе, Х.Карасаев *«Сетер – ыйык кылып эркин коё берилген мал, мунун этин да жебейт, жүнүн да албайт»*[21] деген маалымат берген.

Кыргыз баласы жылкыны асыраганга, мингенге гана өзгөчө маани бербестен, атка минүүдө керектелүүчү буюмдар – *ат жабдыктарга*[22] да өтө этият мамиле жасашкан. Аларды аттаганга, тебелегенге жана бут менен тээп жылдырганга тыюу салышкан. Айрыкча *«койнуңда жатып билинбейт, аялдан өткөн душман жок, колуңда жүрүп билинбейт, камчыдан өткөн жолдош жок»*[23] деп, камчыга абдан маани беришкен. Аны аттабайт, тебелендиге таштабайт жана ар бир үйдө, өзгөчө эркек адам жок үй-бүлөнүн төрүндө дайыма камчы илинип турууcу керек деп эсептелген[24] .

Камчыны үйдө да, сыртта да бүктөп кармайт. Эч убакта тыштан кирген адам үйгө камчысын кошо сүйрөп кирбейт. Информаторлордун маалыматы боюнча, камчыны сүйрөп кирүү – душмандыктын, кектин белгиси болгон. Үйгө кирип келген адам камчысын бүктөп кармап, боз үйдүн кире беришинин сол тарабындагы керегеге кыстарып же керегенин башына илип койгон. Же аттан түшүп, үйгө жакындап келе жатканда өтүгүнүн кончуна салып койгон. Ал эми адамдын камчыны үйдөн бүктөбөй кармап чыгып кетүүсү наразычылыкты билдирген[25] . Мындай маалымат изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде да чагылдырылып кеткен. Мисалы, К.Юдахин сөздүгүндө *«камчысын кошо сүйрөп кирди»* деген сөз тизмегин мисал катары келтирип, ага мындайча түшүндүрмө берген «это значило, что вошедший не примирился с хозяином, затаил против него злобу. Обычай требовал, чтобы при входе в юрту вошедший повесил свою плеть на левой от входа стороне юрты»[26] .

Узак жолго аттанып жатып, колуңдан камчыңды түшүрүп алуу – кыргыздарда жамандыктын белгиси катары каралган. Мындай учурда камчынын ээси атынан түшүп, камчыны өзү алыш керек. Эгерде андан мурун камчыга башка бирөөнүн колу тийип кетсе же алып берип койсо, анда камданган жолго аттанбай, үйдө калуу керек деп эсептешкен[27] .

***Уйга байланышкан ишеним, тыюулар.*** Кыргыздарда уйдун үйдөн качып кетиши жаман белги болуп эсептелген. Мисалы, киши кошумча, калың же сүт акы катары уй алса, ал кайра келген жерине качып кетсе, аябай жаман жышаан болуп саналып, муну үйдөн бирөөнүн каза табышы мүмкүн деп жамандыкка жорушкан. Ал эми качып барган уйду биринчи ээси кайрадан кайтарып бербөөгө тийиш болгон[28] . Ал эми уй жаңы тууганда өзүнүн чөбүн жеп алса сүтү аз болуп калат же сүтү кайтып кетет деп, аны эл баспаган жерге көмүп же итке берип коюшкан.

Уйду желинге урбайт, теппейт жана ыпылас кол менен кармабайт[29] . Саай турган адам уй саардан мурун сөзсүз түрдө колун жууп, андан соң *«бысмылла»* деген сөздү айтуу менен сaaнды баштоого тийиш болгон. Ошондой эле, кыргыздарда сүт чатырап толуп турган уйдун желинине



суктанып, көз артууга тыюу салынган. Буга адамдын көзү тийип, уйдун желини сезгенип калат же малдын өзүнө же болочоктогу төлүнө зыян келет деген ишеним себеп болгон. Анткени, көпчүлүк учурда сүттүү уйлар тууй турган маалына жакындап калганда, сүт толгон желинин көлөмү адаттагыга салыштырмалуу байкаларлык чоңоюп кеткен.

Жогорудагыдай эле, уйдун желини сезгенип калат ишенимдин негизинде, сүтко уруна турган идиш-аякты булганыч, кир кармабаганга жана сүт азыктарын ысырап кылбаганга аракет кылышкан[30] .

Эгерде үйдун желини сезгенип калса, эл арасында андан арылуунун ар кандай ыкмалары өкүм сүргөн. Мисалы, кыргыздарда каза болгон кишини жууган ак чүпүрөктү атайын жууп сактап коюшуп, аны ырымдап, ар кандай учурларда пайдаланышкан. Өзгөчө ал чүпүрөк уйдун желини сезгенип калган учурда кеңири колдонулган. Аны оң колго алып, чүпүрөк менен уйдун эмчегин *«Менин колум эмес, Умай эненин, Батма-Зуураның колу»* деп үч жолу сылайт. Мындай иш-аракет уйдун эмчегинин шишиги тегиз тараганча кайталанган[31] . Айрым информаторлордун маалыматы боюнча, мындай ырымды бала эмизген аял кишиге да колдонушкан.

Эл арасында дагы бир кеңири жайылган ыкмалардын бири – муздак суу менен сезгендирүү. Мында идишке куюулуп келген муздак суудан оң колуна кочуштап алып, уйдун желинине үч жолу чачат. Адатта минтип ырымдоо үч күнгө чейин созулган. Сезгендирүү кыргыздардын салттык турмушунда адам ооруганда да кеңири колдонулган.

Жогоруда келтирилген ыкмалардан тышкары, уйдун желини сезгенде, кыргыздар төмөндөгүдөй ырымды да колдонуп келишкен: Уй сааган аял киши анын саала турган тарабына туруп, оң бутун алгач уйдун желинине, андан соң жерге тийгизген. Мындай кыймыл үч жолу жасаган. Үч күн эртең мененки жана кечки саандан кийин жасашкан. Мындай ырым жер ооруунy, жаман нерселерди тартып алат деген ишенимдин негизинде аткарылган[32] .

***Төөгө байланышкан тыюулар.*** Кыргыздар чарбасында төөнү аз пайдаланышкандыктан, жылкы, уйга салыштырмалуу аны менен байланышкан тыюулар аз кездешет. Ага байланышкан эл арасында кеңири жайылган тыюулардын бири – боюнда бар аял кишиге төөнүн этин жегенге тыюу салуу. Буга эл арасында төө этин жеген кош бойлуу аял баласын адаттагыдай тогуз ай эмес, андан узак, он эки айга чейин көтөрүп калат деген ишеним себеп болгон. Ошондуктан, боюндагы баласын мөөнөтүнөн ашыгыраак көтөрүп калган аял кишиге *«төөнүн этин жеди беле»* деп айтып коюшкан[33] . Ал эми А.Мурзакметовдун маалыматы боюнча, «эгерде аны күйөөсү экөө тең жесе зыяны жок делет. Ошондуктан үй ээси аялы жүктүү кезинде кайсы бир жерден төөнүн этин жесе, бир кесимди сөзсүз түрдө үйүнө ала келген. Дегеле аны айрым учурларда гана, көп эле каалабай жешкен. Адам төөнүн этин бир жылда бир жолкудан ашык жебеш керек деген чектөө болгон. Бул төө бир мезгилдерде адам болгон, төөгө айлангандан кийин да, көп жагынан адамга окшош бойдон калган деген ишенимге байланыштуу. Кыргыздар төөнү өзгөчө маанилүү учурларда – Мекеге зыярат кылганы жөнөгөндө, чогулуп түлөө өткөргөндө же ханды такка отургузганда гана союшкан»[34] .

Кыргыздарда төө тууганда киндиги түшсүн деп жети күнгө чейин эч кимге от бербей, ал эми оозандырып эмизмейинче үй ээси эч кимди тайлак менен төөнүн ортосунан өткөргөн эмес[35] . Мал ээсинин мындай иш-

аракетине Ф.А.Фиельструптун эмгегинде төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилген «төө туугандан кийин үч күнгө чейин иңген менен тайлактын ортосунан өтүүгө болбойт. Антпесе энеси баласын жерип, эмизбей коюшу мүмкүн»[36]. Ал эми энесинин жүгү жеңилденип калсын деген ишеним менен, төө ургаачы тууса дагы эркек тууду деп айтышкан[37].

***Мал төлдөп жаткан мезгилде жана жаш төлгө байланышкан тыюулар.***

Кыргыздарда мал төлдөп жаткан учурда өтө көп ырым-жырымдар жана тыюулар колдонулган. Бул мезгилде мал сойбойт жана сүт азыктарын, тамак-аш, туз, өзгөчө малдан алынган же малга бериле турган азыктарды *«Төлдүн киндиги катсын»* деп эч кимге берген эмес. Ошондой эле, мал төлдөп жаткан маалда мал ээлери киринбегенге, кир жуубаганга, акты – сүт азыктарын эшикке чыгарбаганга аракет кылышкан.

Мал төлдөп жаткан мезгилде мал ээси короосунун чекесин тегерете ала аркан таштап коюп, короого бейчеки кишини киргизген эмес. Негизинен эле кыргыздарда кечинде мал жайыттан келип короодо турганда, үй ээси башка кишини короого киргизбегенге аракет кылган[38] .

Жаш төлдү санабайт, суктанбайт жана бөтөн кишиге көрсөтпөйт[39] . Бирөөнүн малы төлдөп жаткан мезгилде, ээсинен уруксатсыз аралабайт. Мындай тыюуларга кыргыздардагы *«Бирөөнүн сөзүндө бар, бирөөнүн көзүндө бар»*, көзү тийип кетет деген ишеним себеп болгон.

Кыргыздардын салттык турмушунда кой-эчки сыяктуу майда жандыктын эгиз туушу көнүмүш, ал эми бодо малдын – жылкы, уйдун эгиз туушу жамандыктын, кырсыктын белгиси катары эсептелген. Бээси же уюэгиз тууган мал ээси туулган төлдүн экөөн тең баккан эмес. Мындай учурда болочокто боло турган кырсыктан арылуунун жолун издеп, ар кандай ырым-жырымдарды жасашкан.

Эл арасында колдонулган эң кеңири таралган ырымдардын бири болуп – туулган төлдүн сыңарын (алардын бирин) бирөөгө энчилеп коюу эсептелет. Көпчүлүк учурда мал ээси эгиздин бирин жакын туугандарынын бирөөсүнө энчилеп койгон. Кээде айылдагы бей-бечарага берип койгон учурлар да кездешкен[40] . Мындай учурда туулган төл бир аз торолгондон кийин энчиленген адамга берилет. Маалымат топтоо мезгилинде бул тыюунун бүгүнкү күндө да турмушта колдонулгандыгына күбө болдук.

Белгилей кетчү нерсе, кээ бир аймактарда туулган эгиздин экөөн тең мал ээси бакпай жана аларды сөзсүз түрдө жакын туугандарынын белгилүү бир катмарына (кыз тарапка же таяке тарапка) гана энчилеп берүү эрежеси сакталган. Мисалы, Жумгал районунун Доскулу айылынын тургуну Бакенов Бекбоонун уюэгиз тууганда, ал бирин кызына, экинчисин эжесинин кызына энчилеген[41] . Ал эми А. Мурзакметовдун маалыматы боюнча, «элде уйдун эгиз туушу жамандыктын белгиси катары каралган. Андай учурда бул кабарды эч кимге угузбай, эгиз музоолорду да чоочун көзгө көрсөтпөй, сыртка бирөөсүн гана алып чыгып байлаган. Зеңги-Бабага атадым деп коюп, торолгондон кийин бирөөсүн союп, этин элге тараткан. Же дароо эле бирөөгө, адатта тага журтка энчилеп берип ийген. Кээде молдого алып барып берген варианты да кездешет»[42] .

Белгилей кетчү нерсе, көпчүлүк маалымат берүүчүлөр, бодо малдардын ичинен бул көрүнүш көбүнчө уй баласында кезигээрин, ал эми жылкынын эгиз туушу бул өтө чанда көрүнүш экендигин жана алардын эч кимиси аны көрбөгөндүгүн айтышты. Ал эми биз жогоруда сөз кылган ырым-дар-жырымдар негизинен уй баласы эгиз тууганда колдонулган. Ал эми



жылкыдан туулган эгиз төлгө уйга салыштырмалуу катаал ырымдар колдонулган. Айрым маалыматтар боюнча, эгерде жылкы баласы эгиз тууган болсо, эгиздин сыңарын туулары менен жамандыктын белгиси катары кабыл алып, кежигесинен мууздап, жерге көмүп салышкан[43] . Ал эми адатта мал тамак алдынан мууздалары белгилүү.

Ошондой эле кыргыздардын салттык турмушунда минтип эгиз кулундун түгөйүн мууздап салуудан тышкары, төмөндөгүдөй ыкманы да колдонушкан. Шар аккан чоң суудан эгиз тууган бээни минип же жетелеп өтүшкөн. Энесин ээрчиген кулундар агын суута кошо кирген. Көпчүлүк учурда жаңы туулган алсыз кулундарды суу агызып кеткен, ал эми аман калганын асырап алышкан[44] .

Кыргыздар малдан тышкары мал кармаган короо-жайга жана малга арналган *«желе»*[45], *«көгөн»*[46], *«нокто»* сыяктуу нерселерге да өзгөчө мамиле жасашкан. Алсак, мал ооруп калат же мал тукуму, ырыскы ооп кетет деген ишеним менен мал короого даарат ушатканга, акыр-чикир, жаман нерсе төккөнгө тыюу салышкан. Ошондой эле, мал байлаган көгөндү, желени аттап же кырккан эмес. Өзгөчө, боюндагы баласынын мойнуна киндиги оролуп калат деген ишеним менен, кош бойлуу аялдын аркан, жип, көгөн, желени аттоосуна тыюу салышкан[47] . Кыргыздардын бул буюмдарга болгон мамилесин Х.Карасаев өз эмгегинде төмөндөгүдөй белгилейт: «Кыргыздар жип, аркан менен мал байлаган, ат аркандаган, көгөн жасап козу, желе жасап кулун байлаган. Көчкөндө аркан, жип менен унаага жүк арткан. Кыргыздар ошол мал байлаган жипти аттаган эмес. Анткени, ал касиеттүү болуп саналган. Уурулар гана мал уурдаганда ошол ала жипти кыркып, аны аттап, тебелеп жүрүп уурдаган. Ыйык нерсени кордогон»[48] .

Кыргыздарда *энчи, кошумча, калың, сүйүнчү, сүт акы*[49] сыяктуу алыш-бериш маселелери дайыма мал менен ишке ашырылып, эмгек акы да көпчүлүк учурда мал менен төлөнгөн. Мындай малын башка бирөөгө берип жаткан учурда же сатып жатканда анын ноктосун, мойнундагы жибин кошо бербей, мал ээси сөзсүз түрдө өзүнө алып калган. Маалымат берүүчүлөрдүн билдирүүсүнө таянсак, бул тыюу мал тукуму, ырыскы ооп кетет деген ишеним менен байланышкан[50] . Талаа маалыматтарын топтоо мезгилинде, бул тыюунун бүгүнкү күндө да айыл жергесинде катуу кармаларына күбө болдук.

Кыргыздардын салттык турмушунда ар бир үй-бүлөнүн мал тукумунун башы деп эсептелген малы болгон. Ал бодо мал, көпчүлүк учурда жылкы баласы болгон. Аны үй ээси, үй-бүлө мүчөлөрү башка малга салыштырмалуу аздектешип, мал тукуму, ырыскы, кут ооп кетет деген ишеним менен, ал малды сатпаганга, бирөөгө бербегенге жана сойбогонго аракеттенишкен. Эгерде ал мал бир жерин сындырып же чөпкө ууланую сыяктуу кокустуктар болуп, аны союуга туура келсе, соер алдында үй ээси же анын аялы атайын ар кандай ырым-жырымдарды жасаган. Мисалы, малдын куйрук-жалынан же жүнүнөн бир тутам жулуп короонун көмүскө бир жерине катып коюшкан же малдын шилекейин алып мал ээси же анын аялы кийиминин оң, сол жакасына сыйпап ырымдашкан. Кээде ал малдын шилекейин башка малдарынын башына сүртүп коюшкан[51] . Мындай иш-аракеттер башка жакшы малын сатаарда, бирөөгө берерде же соердо да тукуму үзүлбөсүн деген ниет менен жасалган.

Мындай ырым кыргыздардан тышкары түрк тилдүү элдердин көпчүлүгүндө өкүм сүргөн. Алсак, каракалпактарда үйдөгү малын сатып

жатканда, сатылган мал менен кошо кут, бакыт кетип калбасын деп, мал ээси анын жүнүнөн бир аз алып калган[52] .

Кыргыздарда *«мал боор эт менен тең»* деп айтылган. Бирок, малы өлгөндө мал ээсинин өтө кайгыруусу начар касиет катары каралып, мындай учурда *«Жакшы мал өлсө жанга сеп»*, *«Чыгаша болмоюн, киреше болбойт»*, *«Жакшы мал жанга аралжы»*, *«Баштан-көздөн садага»*, *«Малга көрүнүптүр»* деп жооткотуп коюшкан[53] .

Кыргыздарда мал сойгондо, союлган малдын этинен үй ээлери ооз тиймейинче, канын итке берген эмес. Малды мууздаганда алгач аккан канды бир жаман идишке тосуп, андан соң *быжы* жасаганга деп бир идишке кан куюп алышкан. Бүгүнкү күндө канды алгандан кийин эле итке берип коюушат. Мурун союлган малдын этинен үй ээси тамак жасап жегенден кийин гана, итке беришкен. Бул насипти адамдан мурун ит жеп жатат деген ишеним жоголуп бараткандыгынын күбөсү.

Жут, жаратылыш кырсыктары, ар кандай оорулар сыяктуу эле карышкырлар да мал башына абдан коркунуч келтиришкен. Көчмөн кыргыздарда карышкыр тууралуу сөз кылганда, аны аталышынан айтпай, *«кашабаң»*, *«шумшук»*, *«ит-куш»*, *«көркоо»* сыяктуу аттар менен атап келишкен. Буга карышкыр угуп коюп, малга кол салат деген коркунуч себеп болгон[54] . Этнографиялык маалыматтарды топтоо мезгилинде бул тыюунун бүгүнкү күндө да мал чарбасы менен алектенген тоолуу айылдарда жашаган кыргыздарда сакталып калгандыгына күбө болдук.

Кыргыздарда мындай бир нерсенин атын айтууга тыюу салуу кеңири кармалган. Мисалы, кээ бир оорулардын жана кечинде жаңы төрөлгөн наристенин атын айтпоо сыяктуу ишенимдерди келтирсек болот. Ошондой эле, жайыттагы малга карышкыр тийбесин, ит-куштун жаагы карышып калсын деген ишеним менен, кечинде жатарда балдардын чечкен кийиминин жеңин учунан бууп коюшкан[55] .

Жыйынтыктап айтсак, мал чарбачылык менен алектенген көчмөн кыргыздарда мал багуу, андан алынган азыктарды иштетүү, жаратылыштын ар кандай шарттарында малды асыроо жана түрлүү оорулардан мал башын аман сактап калуунун ар кандай ыкмалары кылымдар бою иштелип чыгып, алар муундан-муунга берилип келген. Ал ыкмалар өз ичине көп сандаган тыюулардын, ишенимдердин жана ырым-жырымдардын тобун камтып, кыргыздардын күнүмдүк турмуш-тиричилигинде катуу кармалган жана бара-бара алардын мал менен аралашууда да колдонулган жүрүм-турум этикасынын иштелип чыгышына негиз болгон.

Бирок, бүгүнкү күндө алардын басымдуу көпчүлүгү кыргыздардын жашоо образынын өзгөрүшү менен, дүйнөлүк маданияттын таасири астында кыргыздардын башка улуттук баалуулуктары сыяктуу эле унутулуп, колдонуудан чыгууда. Ал эми сакталып калгандарынын түпкү мааниси унутулган. Ошондуктан, бүгүнкү күндөгү улуттук этнографиябыздын негизги милдеттеринин бири – ушул унутулуп бара жаткан улуттук баалуулуктарыбызды кагаз бетине түшүрүп калуу, изилдөө жана кийинки муундарга жеткирүү.

**КОШУМЧА ТҮШҮНҮКТӨР:**

1 Автордун талаа дептери (Мындан ары – АТД). 54, 64, 70-б.
2 *Юдахин К.* Кыргызско-русский словарь. – Бишкек, 1999. – С. 513
3 АТД. 4, 27, 45-б
4 *Акмолдоева Б.Б.* Традиции, верования и обряды киргизов связанные с коневодством // Актуальные вопросы этнографии и археологии Киргизии. – Фрунзе, 1989. – С.55



5 *Смирнов Н.* Киргизские очерки. – М., 1930. – С. 20
6 *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп. – Бишкек, 1993. – 187-б.; *Юдахин К.К.* Киргизско-русский словарь. –М., 1965. –С. 77.; *Карасаев Х.* Накыл сөздөр. – Бишкек, 1995. – 315-б.; Пословицы и поговорки кыргызского народа. Из собрания академика К.К.Юдахина. – Бишкек, 1997. – С. 23, 25, 26, 29, 30, 80.
7 АТД. 1, 23, 42-б.
8 АТД. 1, 44, 72-б.
9 АТД. 29-б.
10 АТД. №1. 44, 53-б.
11 *Акмолдоева Б.Б.* Традиции, верования и обряды киргизов связанные с коневодством // Актуальные вопросы этнографии и археологии Киргизии.– Фрунзе, 1989. – С. 56.
12 Көрсотүлгөн эмгек. 56-б.
13 Каада-салттар. Ак баталар. Эл адабияты сериясы. – Т. 29. – Бишкек, 2003. – 157-б.
14 АТД. 42-б.
15 АТД. 4, 23, 64, 81-б.
16 *Акматалиев А.А.* Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Бишкек, 2000. – 257-б.
17 АТД. 8-б.
18 *Мамбетказы Эминалы.* Ырым-жырым, каада-салттардан // Кыргыздар. – Т. 4. – Бишкек, 2004. – 450-б.
19 АТД. 81-б.
20 *Юдахин К.* Кыргызча-орусча сөздүк. – Бишкек, 1999. – 647-б.
21 *Карасаев Х.* Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Фрунзе, 1986. – 244-б.
22 *Ат жабдыктары* – атка минип жүрүүгө керектелүүчү буюмдар жана шаймандар. Кыргыздын ат жабдыктарына – ээр, үзөңгү, канжыга, жүгөн, нокто, чылбыр, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, желдик, тердик, ичмек, көрпөчө, ат жабуу, үртүк, камчы кирет. Караңыз: *Акматалиев А.* Усталар жана уздар. – Фрунзе, 1990. 6-б.; *Каратаев О., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Бишкек, 2005. – 64-б.
23 АТД. 11, 31, 45-б.
24 АТД. №3. 2-б.
25 АТД. 2-б.
26 *Юдахин К.К.* Кыргызча-орусча сөздүк. – Бишкек, 1999. – 337-б.
27 *Реми Дор.* Ооган Памириндеги кыргыздар. – Бишкек, 1993.– 74-б.
28 Жантелиева Төрөкан (Талас областы, Талас району, Кара-Ой айылы. 1905-ж. )
29 АТД. 9, 45-б.
30 АТД. 9, 45-б.
31 АТД. 7, 46-б.
32 АТД. 7-б.
33 АТД. 13, 45, 87-б.
34 *Мурзакметов А.К.* Кыргыздардагы баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер (Түштүк Кыргызстандын материалдары боюнча). Кандидаттык диссертация. – Бишкек, 2007. – 25-26-б. *Баялиева Т.Д.* Доисламские верования и их пережитки у киргизов. – Фрунзе, 1972. –С. 30-31
35 Каада-салттар. Ак баталар.Эл адабияты сериясы. – Т.29. – Бишкек, 2003.– 157-б.
36 *Фиельструп Ф.А.* Из обрядовой жизни киргизов начала XX века. – М., 2002. – С. 191
37 Каада-салттар. Ак баталар. Эл адабияты сериясы. -Т.29. – Бишкек, 2003. – 158-б.
38 АТД. 8-б.
39 АТД. 9, 43, 56-б.
40 АТД. 15, 53-б.
41 АТД. 42, 75-б.
42 *Мурзакметов А.* Карынга сары май толоор, ую пул кыргыз бай болор! // Замандаш.- № 4 (57). – Апрель. – 2008. – 41-б.
43 АТД. 44,57,70-б.
44 АТД. 4, 62-б.
45 Желе – кулун байлоого ылайыкталып тартылган жоон аркан. Анын узундугу кулун-

дун санына жана керектөөгө ылайык 15–25 м. жетет. Желенин эки учу эки жоон казыкка байланат. Бир желеге 16–22 чейин кулун байланат. Караңыз: *Каратаев О., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Бишкек, 2005. – 168-б.; *Юдахин К.* Кыргызча-орусча сөздүк. – Бишкек, 1999. – 245-б.

[46] Көгөн – козу-улак же кой-эчки тизилип байлануучу керме жип. Караңыз: *Каратаев О., Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Бишкек, 2005. 249-б.; *Юдахин К.* Кыргызча-орусча сөздүк. – Бишкек, 1999.– 414-б.

[47] АТД. 1-б.

[48] *Карасаев Х.* Накыл сөздөр. – Бишкек, 1995. 34-б.

[49] *Сүт акы* – кызын турмушка узаткан энеге кудасы тараптан калыңдан сырткары бериле турган мал. Адат боюнча сүт акы катары бир бодо мал (жылкы, уй), көпчүлүк учурда уй баласы берилген (М.Д.).

[50] АТД. 29-б.

[51] АТД. 152, 74, 131-б.

[52] *Есбергенов Х.* Обряды и верования каракалпаков, относящиеся к юрте // http: // turkolog. narod.ru / info / kkp – 2.htm

[53] АТД. 2,7,73-б.

[54] АТД. 1, 12-б.

[55] АТД. 1-б.



*А. Усубалиева*

## Баланын төрөлүшүнө чейинки ырым-жырымдар жана ишенимдер

Элдин салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жырымы адам баласынын жашап өткөн өмүрү, жашоо ыңгайы, тутунган дини, принциби менен тыгыз байланыштуу. Ар бир жарык дүйнөгө келген атуулдун турмушунда өзү мүчө болгон коомдогу кылымдардан бери келаткан салттар маанилүү орунду ээлейт. Албетте анын ичинде адамдын өмүрүнүн баскычтарына байланыштуулары да бар.

Үй-бүлө куруу, тукум улоо, бала чоңойтуп, тарбия берүү, эрезеге жеткирүү, бала үйлөндүрүү, кыз узатуу адам баласынын алдындагы чоң милдеттерден. Дүйнө элдериндеги наристеге жасала турган камкордуктар, формасы боюнча көп түрдүү салт-санаалардын, ырым-жырымдардын, ишенимдердин түпкү мааниси жашоо-өмүрдө баланын ээлеген ордунун зор экендигин көрсөтүп турат.

Ата-бабалардын бактылуу болуу түшүнүгү эң баштапкысы бала менен байланышкан. Турмуштук тажрыйбадан жаралган кыргыз элиндеги макал-лакаптар, өзүнчө эле бир философиялык ой толгоолорду туюндуруп турат. *«Балалуу үй базар, баласыз үй мазар», «Балалуу үй гүлүстөн, баласыз үй көрүстөн», «Туулганына сүйүнбөй, турарын тиле кудайдан», «Балалуу үй-күлкүнүн куту, баласыз үй кубанычтын жуту», «Бала боор эт менен тең»* ж.б.[1] макал-лакаптарда наристенин үйдү шаңга бөлөөрү, өзүлөрүнүн тукум улоо милдетин аткарган ата-энелерине чексиз кубаныч тартуулаары таамай көрсөтүлгөн. Баланын төрөлүшүнө, алгачкы жашоо этабына байланышкан ар кайсы улуттагы элдердин салттарын бир областтын аймагынын мисалында карап көрсөк. Макала Талас областынын райондорунан топтолгон талаа материалдарынын негизинде жазылды. Талас областында кыргыз калкынан сырткары, ар кандай башка улуттар көп жылдардан бери жашайт. Алардын ичинен чоң топтор менен чогуу жашаган, саны салыштырмалуу көп элдерге казактар, түрктөр, курддар, өзбектер кирет. Мына ушул улуттардын баланын төрөлгөнгө чейинки салттарына, ырым-жырымдарына байкоо жүргүзсөк.

Кайсы элде болбосун үй-бүлө кургандан кийин балалуу болуу жана аны татыктуу тарбиялоо коомдогу кичинекей ячейканын эң негизги милдеттеринен болуп саналат. Жаңы келген келинди кыргыздар бекеринен *«Этегиңден жалгасын», «Алдыңды бала, артыңды мал бассын», «Көшөгөң көгөрсүн», «Этек-жеңинен айтсын, жыл айланбай эркек төрөп ал»* деп бата беришпесе керек.

Келиндин кош бойлуу болгонунан тартып төрөгөнгө чейинки аткарылган ырым-жырымдар элдин арасында орун алган ишенимдерге байланыштуу болуу өз маанисин азыркы тапта да жоготпой келет. Казактардын жашоосунда орун алган өзгөчө бир салт кызыгууну туудурбай койбойт. Ага ылайык, келиндин боюна бүтүп калганын кайненеси билген соң, абысын-ажынын чакырып *«курсак шашу»* тоюн өткөрөт. Анткени, ага жыйналган аялдардын баарысы алып келген момпосуй, печеньелерин келиндин үстүнө чачат. Өмүр тажрыйбасы бар аялдар келиндин боюна

---

**Усубалиева А.** – КР УИАнын Тарых жана маданий мурас институтунун аспиранты

бала бүткөн соң талгак болоорун, көңүлү айнырын, беш айдан кийин баланын кыймылдай тургандыгын алдын ала айтып түшүндүрөт, денедеги андай кубулуштарга чыдамдуулук менен кароого үйрөтөт жана баталарын берип кетишет. Жаш кош бойлуу келинге абдан керектүү маалыматтардын, кеп-кеңештердин берилишинин чоң тарбиялык мааниси бар экени мындан ачык- айкын көрүнүп турат.

Наристелүү боло албай жүргөн үй-бүлө бала көрүү үчүн болгон аракеттерди жасап келет. Медициналык мекемелерге, элдик дарыгерлерге кайрылуу менен эле чектелбей, ар кандай ырым-жырымдарды аткарышат. Буларга мазарларга барып сыйынуу, улак союп, элден бата алуу сыяктуулар кирет. Кудай тааладан бала бер суранышып тилек кылышат. Тилектери ишке ашып, балалуу болгон учурда Кудайберген деп азан чакырып, ысым берген учурлар аз эмес. Балалуу болуу аракетине кирген ишенимдер дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө айрыкча казак, түрк, моңгол элдеринде кеңири кездешет. Ушул сыяктуу мисалды буряттардын тажрыйбасынан кезиктиребиз. К.Д. Басаева мындай деп жазат: «Если в молодой семье не рождались дети, в жертву божеству огня приносили одного барана и тарасун. Исполнял обряд не шаман, а знающий улусный старик – *хаялгаша*»[2] . Отко таазим кылуу маданияты моңгол элинде да кеңири тараган. Кыргыз элинде башка элдер сыяктуу эле баласыздык орду толгус бактысыздык болгон. Кыргыздарда *«Бээ туумайынча байтал аты калбайт, катын туумайынча келин аты калбайт»* деген макал бар. Туубаган аялдын кадырсыздыгын баса белгилеген дагы бир макалда *«Туубаган катындан улактуу эчки артык»* деп айтылат. Салттуу коомдо балалуу болбоонун негизги күнөөкөрү катары келинди кабыл алган пикир басымдуулук кылган. Чынында, айрым учурларда күйөөсү себепкер болушун этибарга алышпаган болсо керек.

Төрөбөй жүргөн кыргыз аялдары «дарылануунун» жолдорун жана ыкмаларын кеңири колдонуп келгендиги талаа материалдарынан байкалып турат. Дарылануунун натыйжалуу ыкмаларынын бири катары касиеттүү жерлерге – мазарга барып сыйынуу каралган. Карабуура районуна караштуу Арчагүл айылында *Эшен – Атанын*, Көксайда *Кочкор–Атанын*, Аманбаевде *Бала-Мазар* мазарлары бар. Ошол мазарларга төрөй албай жүргөн же баласы токтобогон келиндер барып сыйынышкан. Чын ниети менен сураса, Алла Таала берет деп ишенишкен. Ниети бир, жаздыкташ болгондуктан, күйөөсүнүн жанында болушу зарыл шарттардан болгон. Төрөбөгөн келин өз атасынын үйүнөн кара улак эки мүйүзүнүн ортосунда агы бар же ак улак мүйүзүнүн ортосунда бармак басым карасы бар улакты кайын атасынын үйүнө алып келип, элге тамак берүү ырым-жырымы да таластыктарда колдонулган. Мында белгилей кете турган көрүнүш, келин өзү алып келген улактын этинен жебейт. Чоң мазар катары эсептелген кумурсканын уюгуна барып сыйынып, ал жерде түнөө ырымын аткаруу жолу менен да бала тилеген. Умай Эненин жолуна жети шам, ал эми үч кара шамды каракчынын жолуна деп жагып сыйынуу ырымы да орун алып келген[3] .

Информатор Жайчыбекова Каныштын айтымында, төрөбөгөн келинге аксакалдардын батасы оң таасир тийгизген. Аксакалдар *«Жыл айланбай эркек төрөп ал»*, *«Этек- жеңиңен айтсын»* деп бата беришкен. Келинди сөз менен чычалатышкан, ардантышкан. *«Төрөбосоң бул жерде эмне жүрөсүң, үйүңдү бошотуп бербейсиңби?»* деп[4] чычалатышкан. Ардантуу келинге жакшы таасир берип боюна бүтүп, төрөшүнө өбөлгө болот деп



ишенишкен. Сүннөткө отургузган баланын эркектик белгисинин кесиндисин төрөбөгөн жана жалаң кыз төрөгөн келиндер жеп, өздөрүнүн тилегинин орундалышына ишеним артышкан учурлар да көп эле кезиккен. Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестин негизги өзөгүнүн бири – Орозкулдун баласыз өмүр өткөрүүсү. Үй-бүлөдөгү уруш-талаш да баланын жогунан чыгып, Бекей да, атасы Момун да Орозкулдун астына басынып, өздөрүн күнөөкөр сезишкен. «Мүйүздүү Бугу-Эне, мүйүзүнө бешик илип, Бекей таежеме алып келип берчи. Суранам, бешик алып келип берчи, Бугу-Эне. Алар балалуу болушсун, атам ыйлабасынчы, Орозкул аба Бекей таежемди урбасынчы, экөө балалуу болушсунчу» – деп кайрылган баланын жан дүйнөсүнүн мифологиялык терең ишеними сүрөттөлгөн.

Төрөбөгөн аял төрөгөн аялдын тону түшкөндө үстүнө балалуу болуу үмүтү менен отурууну каалайт. Эгер ушул ырым колдонулса, анда мындан ары төрөбөй калат, анын бала төрөө касиети төрөбөгөн аялга өөшүп кетет деген ишеним бар[5] .

Жаш келиндин боюна бала бүткөндөн кийин кайненеси аны өз камкорлугуна алып, жаман нерселерден, тил-сөздөн сактоо чараларын көрө баштайт. Казактарда тил-көз тийбесин деп молдого дуба жаздырып, бой тумар жасап берет. Же болбосо, Жетисуу дарыясынын жанынан жети ташты чүпүрөккө түйүп, тумарча кылып, чермейинин желкесинин астына көзгө көрүнбөгөндөй кылып тигип койгон. «Тіл көзін таска» деген каргыш ушуга байланыштуу.[6]

Боюнда бар келинге карата салынган тыюулар ырым-жырымдардын айрып алгыс бөлүгү десек болот. Айрым тыюуларга кайрылып көрөлү. Таластык казактарда кош бойлуу келин бычак кайрабайт, анткени бычак менен кошо кан жүрөт деп эсептешет. Арыктан аттабайт, улуу адамдардын алдынан кесип өтпөйт, тескери бата берип коюшу мүмкүн.[7] Келин ай-күнүнө жетип калганда балага *жөргөк* камдайт. *Жөргөк* – бул баланын оро-чулгоолору. Толготкон аялдын жанына төрөбөгөн аялды жибербейт. Элдин ишеними боюнча келечектеги баланын мүнөзү жерден алгач көтөрүп алган адамды тартат деп эсептелет.[8] Бул ишеним кыргыз элинде да кездешет, *«Жети атамды тартпайм, жерден алганды тартам»* деген макал муну далилдеп тургансыйт.

Илгери келиндин тамырын кармоо, баскан-турганын, жатканын байкоо аркылуу эркек же кыз төрөрүн билишкен. Камчысы жана ичи катуу болсо толгоосу катуу, эгер ичи жумшак болсо толгоосу жеңил болот деп эсептешкен. Тике бүткөн бала бейтынч болот да, чатка келип тыгылып калат. Келиндин ичин көзү ачык кемпирлер көтөрүп берет. «Менин колум эмес, Умай-Эне Батма-Зууранын колу» – деп үч жолу ойдо көтөрөт. Баласы токтобой боюнан түшүп калгандардын, ичи өтө ылдыйлардын ич койногунун этегин көктөп коюп, толгоосу башталганда сөгүп салган. Талгак экиге бөлүнгөн. Ит талгак эч нерсе жебейт, ал эми жөн талгак жегиси келген тамакты жеп, талгагын кандырып алат. Кандай гана нерсе болбосун издеп таап талгакты кандыруу керек, мындай учурда күйөөсү гана милдеттүү. «Мен ит талгак болгом, эч нерсе жебейм. Тамактын жыты келгенде көңүлүм айныйт. Ошондо кайненем уйдун же койдун жоон ичегисине туз сээп, көңгө чийкилей оонатып, бышырып берчү»– дейт Жаныл апа.[9] «Эгер талгагы канбаса, баланын бети-башы чуңкурайып калат же оозу жырык, нышан болуп калат» деген ишеним бар. Талгак болуп жаткан келиндин жеп жаткан тамагынан күйөөсү жеп койсо, анда ал толгоосун кошо тартат деген да ишеним бар. «Манас» эпосунда баатыр-

дын апасы жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Аны өтө кыйынчылыктар менен таап келет.

Чала-була бышырып,
Жанга бербей жалмады.
Сонун экен бу да деп,
Сорпосун ичем жуда деп,
Эки аяктай сорпосун,
Немесин койбой жалмады.
Байбиченин талгагы,
Магдырап канып калганы,– деп Сагымбай Орозбаковдун вариантында айтылат.[10]

Областтагы компактуу түрдө жашаган түрктөрдө келиндин боюнда бар кезде эч кандай малдын моюнун жегизбейт (мисалы тооктукун, койдукун). Баласы токтобой чарчап кала бере турган болсо молдолорго дуба окутуп, жипти жети түйүн кылып түйүп ичине төрөгөнчө байлап коёт[11]. Келин боюна үч ай болгончо сүйлөбөйт, көп баспайт, анткени балага жан кирет. Күйөөсү бул мезгилдерде өзүн жакшы алып жүрүүсү шарт. Ага аялын урууга, спирттик ичимдиктерди ичүүгө, тамеки чегүүгө, оор жумуш кылууга болбойт. Ишенимдерге ылайык, булардын бардыгы балага зыян. Талгак болгондо жегиси келген тамакты жеп, убагында уктап, жакшы сөз укса, бала нормалдуу өсөт. Түрктөрдө дагы талгагы канбаган келин төрөгөн баланын бир жери кемтик же жырык (нышан) төрөлүп калышы мүмкүн деген ишеним бар. Жегиси келген тамакты күйөөсү таап берип урушпай жакшы сөз менен жедириш керек[12]. Аялы ай-күнүнө жетип турганда күйөөсү алыс сапарга кете турган болсо, аялынын үстүнөн аттап койгон. Анткени толгоосу күйөөсү менен кошо кетип калып, келин кыйнала берген.[13]

Кош бойлуу келиндерге салынган тыюларга төмөнкүлөр дагы кирет. Келин капка отурбаган, отурса баласы тескери келип калат дешкен. Баланын киндиги мойнуна оролуп калат деген ишенимде ийик ийрибеген. Арканды, жипти, шыпыргыны аттабаган. Эгер кыркса баланын акылы же өмүрү кыска болот деген ишенимге таянып чачын кыркпаган. Боюнда бар келин батага барган эмес, эгер барса жаназага чейин кетип калган. Төөнүн этин жебеген, жесе анда күйөөсү экөө тең жеген. Жарык дүйнөгө келе элек наристеге арнап кийим албайт, ат койбойт. Анткени төрөлө элек бала адамдын колуна өткөнгө чейин кудайдын баласы деп эсептелинет[14].

Толгоо башталганда айылдагы улуу аялдарды чакырат. Толготкон аялдын үстүнө эркек киши кирбейт. Боз үйгө же жер тамга бакан же аркан байланып, толготкон аял эки колу менен асыла сүйөнүп, тизелеп турат. Төрөт учурунда аялдын чачын жазып, өзүн жеңил сезиш үчүн колундагы шакектерин, кулагындагы сөйкөсүн, билериктерин чечип коюшкан. Бакан келиндин толгоосун жеңилдетип, оңой төрөшүнө шарт түзгөн. Төрөттөн кийин да көптөгөн кеселдерден сактаган. Тикесинен тик турса жерге тартылуу болуп төрөтү жеңил болот деп ишенишкен. Бир кемпир чөгөлөп бакан кармап отурган келиндин ичин сыдырып отурган. Капкактуу бала чарайнасы менен түшөт деп айткан. Аны күмүш шакек менен жарып койгон. Азыркы медицинада да ушул ыкмалар колдонула баштады.

Батыраак төрөсүн деп күйөөсүнүн чыканагын сууга эзип жууп, келинге ичирген учурлар кезиккен. Адатта, келинди көзү ачык, бүбү апалар төрөткөн. Ал эми курддарда төрөткөн аялды *абакари* деп аташат.



Эгер бала тетири келсе, келинди төшөккө жаткырып, эки адам төшөктүн эки бурчун кармап *«оңбу?»*, деп үч жолу көлкүткөн. Отургандар *«оң!»* деп жооп кайтарып турган. Төшөктүн ылдыйын үч жолу, баш жагын үч жолу көтөрүп тургузуп жиберген. Дагы балтаны төбөсүнө үч жолу тийгизип, кайра жерге коет да *«кара жер жүгүн көтөр»*, *«оңбу?»* деп үч жолу сурайт. Отургандар *«оң!»* деп үч жолу жооп берет. Мындай ырымды аткаруудан соң, бала оңунан келет деп ишенишкен[15].

Түрктөрдүн салтында келин толгоо тартып жатканда келиндин далысын үч жолу сыйпап «аман–эсен төрөп ал» деп айтышат. Кайын энеси сөйкө-шакектерин, алтын жасалгаларынын баардыгын алып калат. Толготкондон баштап төрөгөнчө эч кимге айтпайт. Бул кадам келиндин төрөтү жеңил болсун, толгоосу кайтып кетпесин деген тилек менен жасалат.[16]

Бала жерге түшкөндө анын кутун коргош үчүн Умай-эне аны менен кошо түшөт. Баланы «менин колум эмес, Умай-эне Батма-Зууранын колу» деп колго алышкан да Умай энеге жардам сурап кайрылышкан. Төрөгөндөн кийин киндигин өз энеси кескен, анткени өз тамырын башка адамга кестирген эмес. Кепичтин үстүнө коюп кескен. Ар бир үйдө *кестик* болгон. *Кестик*- төрөгөндө киндигин кесе турган бычак же устара. Ал кестикти тамак-ашка колдонгон эмес. Эгер бала тумчугуп калса «Жети атасы келе көр, небереңди сактай көр» деп чоң аталарынын аттарын айткан. Баланы акырын көтөнүнө чапкан. Төрөлөөрү менен баланын оозуна *буапа* ( төрөттү кабыл алган аял) же өз энеси чачынын учун баланын оозуна салган, анткени чарайна жутуп алса окшуп кусуп жиберген. Бул салт кийин гана өзгөрүүгө дуушар болуп, башка адамга кестирип, аны *киндик эне* атап калышкан. Бала төрөлөөр замат кайынатаэшиктин алдында үнүн чыгарып, *азан* айткан. Бала азандын үнүн угуш керек, эгер укпаса ата-эненин моюнуна карыз болот деп эсептешкен.[17] Төрөгөн келиндин оозуна сары май салат, келиндин чачын жазып, чачынын учун сары майга малып, баланын оозуна салып, таңдайын үч жолу көтөрөт. Келинди да, баланы да ошол замат жуунтат. *Ит көйнөк* бала төрөлөөр замат эски кийимден тигилет. Иттин башына 3 жолу салып, балага кийгизет. Бир кой союп «түн сактайт», жалаң аялдар барып этин жеп, таң атканча отурушкан[18].

Жакын адамдарынын толготкон келиндин жанында болуусу психикалык жактан чоң жардам берет деген пикир медицинанын тиешелүү тармагында айтылып жүрөт. Кыргыз эркектери акыркы мезгилдерге чейин эч качан төрөткө катыша алган эмес. Азыркы тапта деле таластыктарда аялынын төрөтүнө катышкан эркектер тууралуу маалыматтарды азырынча кезиктире алган жокпуз. Белгилүү болгондой, мындай практика батышта кенениреэк орун алып келет.

Ошентип ырым-жырымдар менен ишенимдер наристе жарык дүйнөгө келе электе эле адам баласын коштоп келет. Бул элдин руханий маданиятынын айрып алгыс болүгү десек болот.

**КОШУМЧА ТҮШҮНҮКТӨР:**

[1] Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. – Бишкек, 2000. – 6–8-б.
[2] Басаева К.Д. Семья и брак у бурят. – Новосибирск,1980. – С.60.
[3] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Талас району Эсенбаева Алматай.
[4] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Карабуура району. Жайчыбекова Каныш.
[5] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Бакайата району. Мусурова Касиет.

[6] Х.А. Аргынбаев. Казак халкындагы семья мен неке. – Алматы,1973. – 86-бет.
[7] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Манас рай. Жайымбаева Ибадат.
[8] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Манас рай. Илебаева Анаркул.
[9] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Карабуура рай. Байгобулова Жаныл.
[10] Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф.,1978.
[11] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Карабуура рай. Чауш оглы Хошияр.
[12] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Карабуура рай. Павлы оглы Ханипа.
[13] Автордун талаа материалдары 2010-ж. Карабуура рай. Байгобулова Жаныл.
[14] Мырзакметов А. Кыргыз ырым-жырымдары. – Ош. 2005.
[15] Автордун талаа материалдары. 2010-ж. Карабуура рай. Байгобулова Жаныл.
[16] Автордун талаа материалдары. 2010-ж. Карабуура рай. Чауш оглы Хошияр
[17] Автордун талаа материалдары. 2010-ж. Крабуура рай. Султанова Рысбу.
[18] Автордун талаа материалдары. 2010-ж. Карабуура рай. Султанова Рысбу.



# ПУБЛИКАЦИИ И РЕЦЕНЗИИ

*В. М. Плоских*

## Царистская ссылка и Туркестан

Монография В.П.Литвинова (Административная ссылка в царской России: туркестанский вариант (по архивным, правовым и иным материалам. – Елец, изд-во Елецкого госуниверситета им. И.А.Бунина, 2010. – 308 с.) посвящена проблеме, не получившей должной научной рефлексии ни в российской, ни в зарубежной литературе в виду отсутствия надежных источников, прежде всего архивных. Автору удалось успешно решить этот вопрос. Перечень архивохранилищ, из фондов которых он почерпнул необходимые для исследования документы и материалы, насчитывает 10 таковых, не считая фондов рукописей Российской государственной библиотеки («Ленинки») и Российской национальной библиотеки (г. С-Петербург). Думается, важным достоинством монографии является использование в ней документов и материалов государственных архивов Казахстана, Узбекистана, Туркмении и, разумеется, Кыргызстана, которые в последнее время достаточно редко фигурируют в работах российских и зарубежных историков Центральной Азии, хотя именно они наиболее достоверно и объективно свидетельствуют о её прошлом. Поэтому мы вполне согласны с мнением автора о том, что без использования таких архивных сведений его исследование вряд ли смогло бы подняться на должный научный уровень (с.25). Представляется серьезным объем опубликованных источников, которые были использованы в процессе научного поиска. Другим важным достоинством монографии является, на наш взгляд, привлечение автором значительного числа нормативно-правовых источников. Безусловно, специфика темы монографии того требовала. Но можно согласиться с мнением автора о том, что «чистым» (как он их называет) историкам не помешало бы чаще обращаться к соответствующим (их темам) правовым материалам, что только бы углубило научность их исследований. Характерно, что в монографии автор одинаково успешно рассматривает как «чисто» исторические аспекты проблемы, так и правовые, в связи с чем она может быть отнесена и к истории России вообще, и к истории её государства и права, в частности). Историографический обзор и внушительный перечень использованной литературы (в том числе иностранной вызывает заслуженное одобрение. Думается, что в монографии автор добился тех целей и решил те задачи, которые ставил перед собой.

---

Плоских В. М. – академик НАН КР

Следуя диалектическому методу, заявленному в качестве «генерального», автор, на наш взгляд, умело оперирует категориями *общего, единичного* и *особенного*. Действительно, если бы исследование было полностью замкнуто на проблеме административной ссылки исключительно в Туркестане, оно выглядело бы ущербным, даже при том огромном фактическом материале, на котором основано. Поэтому в первой главе автор правомерно характеризует институт ссылки как форму наказания в масштабах всей царской России, а также её виды. Для «чистых» историков представляется полезным узнать о разграничении ссылки на *судебную* (всех типов) и *административную*, поскольку часто они употребляют лишь термины: «сослать», «выслать», «отправить в ссылку» и т.п., что, во-первых, не дает точного представления о тяжести такого наказания (ссылка по суду была суровее административной), а, во-вторых, не проясняет его источник (суд или властный акт). Можно сказать, что без первой главы читатель не смог бы сущностно и внятно постичь все то, что излагает автор в четырех последующих. А в них он повествует о многом. Во второй главе анализируются правовые основы применения административной ссылки в царском Туркестане, которые носили как общегосударственный, так и региональный характер. Также в ней подробно излагаются конкретные примеры применения указанной ссылки к представителям коренного населения региона. Вообще, следует признать ценным то, что в монографии делается акцент именно на применении царизмом административной ссылки по отношению к так называемому «туземному» населению Туркестана, хотя, как замечает сам автор, из её пределов ссылались и многие русские, а равно иные «нетуземные» (евреи, армяне, татары и др.) жители края. В третьей главе специальным образом рассматриваются примеры административной ссылки, основанной не на властных решениях административных органов и лиц, а на приговорах народных судов коренного населения (биев и казиев), а также сельских и городских обществ. Автор четко обозначает причины, по которым царизму пришлось отказаться от применения административной ссылки по приговорам народных судов, что было предусмотрено нормами «Положения об управлении Туркестанским краем» 1886 г. Равным образом он аргументировано и в компаративном плане пишет о применении царизмом административной ссылки по приговорам «обществ» коренного населения Туркестана, что имело место вплоть до революции 1917 г. Для них примечательно, что в книге неплохо представлены и чисто «кыргызстанские» материалы.

В исторической литературе нередко встречаются примеры выдворения царскими властями за пределы Туркестана по тем или иным причинам разных лиц, но, пожалуй, впервые в систематизированном виде проблемы административной высылки (выдворения) в регионе представлены в четвертой главе рецензируемой монографии. Во-первых, автор впервые подробно пишет о правовых основах и конкретных фактах выдворения иностранных подданных из царского Туркестана; во-вторых, не меньшей новацией представляется нам изъяснение правового механизма и его фактической реализации в части административной высылки российских «туземных» подданных из Бухарского и Хивинского ханств. В-третьих, автор проясняет правовые основы применения административного выдворения представителей коренного населения Туркестана как в пределах последнего, так и за его рубежи, но внутри Российской империи. Наконец, в-четвертых, мы считаем исключительно важным, что в монографии институт административной высылки (выдворения) не отождествляется полностью с административной ссылкой, но вместе с тем и не противопоставляется ей.



Безусловно, содержания четырех глав хватило бы, на наш взгляд, для того, чтобы исчерпать тему исследования. Но тем более ценным мы находим то обстоятельство, что автор решил не ограничиваться ими и в пятой главе (на основе одних лишь архивных материалов) рассказать о помиловании российскими властями представителей коренного населения Туркестана, подвергнутых некогда административной ссылке на разные сроки и в разные регионы страны. Автор разделяет помилованных на три категории, представляющиеся нам вполне обоснованными. Следует особо отметить то, что при этом автор не стремится «облагородить» облик царизма – он достаточно беспристрастно излагает факты из архивных документов. Более того, в четвертом разделе главы он пишет о том, что немало прошений о помиловании туркестанцев, сосланных в административном порядке в разные времена, были отклонены царизмом. И такой подход подчеркивает не только научную, но и нравственную зрелость 29-летнего автора.

Безусловно, в монографии есть известные недоработки и просчеты, однако их вряд ли можно считать принципиальными. Мы полагаем, что исключительная новизна темы исследования, талантливая манера его исполнения дают основания полагать, что автор со временем сам от них избавится.

Появление рецензируемой монографии представляется нам не только значимым, но и знаковым событием. И вот почему. Тем, кто серьезно изучает историю дореволюционного Туркестана, известны фундаментальные монографии доктора исторических наук, профессора Елецкого государственного университета им. И.А.Бунина Петра Петровича Литвинова, основанные преимущественно на архивных источниках. То же можно сказать о двух солидных монографиях кандидата исторических наук, доцента того же университета Владимира Петровича Литвинова. Присоединение к ним Вячеслава Петровича Литвинова – автора, несомненно, удачной и ценной во всех отношениях книги, как бы завершает формирование научной династии туркестановедов – Литвиновых. Думается, что они и в будущем ещё не раз порадуют нас новыми оригинальными научными трудами.

## К СВЕДЕНИЮ АВТОРОВ

Направляемые в журнал статьи следует оформлять в соответствии со следующими правилами:

– объем рукописи не должен превышать 1 п. л. (40 тыс. знаков, включая пробелы), для разделов "Факты, Комментарии, Заметки", "Книжное обозрение (рецензии)", "Научная жизнь" – не более 7 страниц;

– статьи должны быть напечатаны в 2-х экз. через 1,5 интервала (кегль 14) на одной стороне листа + дискета;

– таблицы, схемы, графики, рисунки и др. Иллюстрации должны быть даны на отдельной старнице, пронумерованы и озаглавлены;

– пронумерованный список использованной литературы (примечания) не в алфавитном порядке, а в порядке упоминания в тексте и в конце статьи.

Авторы несут ответственность за подбор и достоверность приведенных фактов, цитат, статистических и социологических данных, имя собственных, географических и прочих сведений.

Рукопись статьи принимается в тщательно отредактированном виде.

К рукописи прилагаются:
Авторская справка: Ф. И. О. (полностью), официальное наименование места работы, должность, ученая степень, а также данные для связи с автором: адрес номера телефонов сл. и дом., электронный адрес.

**В связи с новым положением о рецензируемых научных периодических журналах и изданиях, утвержденным постановлением Президиума НАК КР от 4 декабря 2008 года №182, публикуемые статьи должны отвечать следующим требованиям:**

– РЕЦЕНЗИРОВАНИЕ ВСЕХ НАУЧНЫХ ПУБЛИКАЦИЙ ДОЛЖНО ОСУЩЕСТВЛЯТЬСЯ ДОКТОРАМИ И КАНДИДАТАМИ НАУК, А КАНДИДАТСКОЙ ДИССЕРТАЦИИ – ДОКТОРАМИ ИЛИ КАНДИДАТАМИ НАУК.

Научные статьи принимаются только согласно вышеуказанным требованиям.



КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

илимий журнал

ВОПРОСЫ ИСТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА

научный журнал

Техникалык редактору *Г. Жоошбаева*

Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

Терүүгө 03.04.2011-ж. берилди. Басууга 11. 05. 2011-ж. кол коюлду.

Форматы 84x108$^1/_{32}$. Офсеттүү басылма. Көлөмү 9,25 басма табак. Нускасы 300.

КР Юстиция министрлигинин каттоо күбөлүгү №1141. 16-январь 2006-ж.
Түзгөндөр: КР Улуттук илимдер академиясы.
Тарых жана маданий мурас институту.

Редакциянын дареги: Бишкек, Чүй проспектиси, 265/а, №316, 318 кабинеттер,
телефондор: 64-19-40; 64-19-77.

«Гүлчынар» басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Токтогул көчөсү, 106.